**Сүйүнбек ДҮЙШӨНАЛИЕВ**

# НУРАЛ

Ош – 2014

## Нурал

Бизнес деген,
Акыл менен,
Тынымсыз кыймыл жеген,
Ишкер жана
үмүткер адамдарды,
Белгисиз мейкиндикке,
Чакыруу,
Колуна комуз берип күүлөгөн.
Даяр эмес. Чыгармасыз,
Купкургак кээбирлерди,
Каaакымдын камгагындай,
Айталаага үйлөгөн.
Татаал, ары
Машакаттуу, дүрбөлөң!
Натыйжасы ар башка:
Биринчиси – өскөн сайын гүлдөгөн,
Экинчиси – таппаганды
Көнталпактай сүйрөгөн –
Добулпейил,
Толкун бейне,
Жаңыланып күн сайын,

Жаңы түстө,
Жаалдуу күчтө сүйлөгөн.
Азыркысы – көпчүлүктүн тегирмени,
Айлантып өзүн-өзү
Күрүлдөгөн –
Бир нерсе. Элесте,
Баары көрбөй, түшүнбөй,
Топурап жүргөндөргө билинбеген.

***

Өтмүш – тарых,
Күңгөй-тескей, кылаасында,
Дайым бирге
Той – тозок.
Сөз учугун алып тилге,
Жакшылыкты, жамандыкты,
Теңдештирип толгосок,
Ала жиптин жобосу анык...

***

Адегенде,
Этеги жок, жеңи жок,
Иши түркөй,
Эби жок,
Жорткон экен ташзаман.

Андан кийин,
Өттү-кетти,
Камбар-ата тоо-тегизди,
Туяк чегип таптаган,
Шарактаган көчмөндөрү,
Атзаман.
Соңунда,
Бирин-бири кечирбес
Капитализм, карабаган
Адамды,
Өлүп жатса ачкадан.
Социализм –
Дасторконун бардыгына сактаган.
Азыркысы – демократия,
Өз ичине өзү кенен батпаган,
Койнунда коррупция жансактаган.
Бир көзү көк,
Бири кара,
Желинин карматпаган.
Акчаны,
Атасынан ашыгыраак ардактаган.
Кары тоок,
Канаттары калдактаган.

***

Баары өзгөрүп баратат:
Балта, челек,
Казан, чөмүч,
Эмерек.
Компьютер баарын “билет!” десе эп:
Бара турган,
Сойлоп жылган,
Же учкан, араа кесип, жеселек,
Кыймылдарды,
Кырдан ашып,
Кызыгына жетелек!
Ойлор,
Сөздөр,
Проэктер,
Адам жеткен,
Жетпеген алыс чектер.
Кичине кутучага
Тамыр тартып жамырайт,
Чогулуп,
Же жазылып
Чиркей болуп,
Сүрөт конуп,
Кайнаган сүт той толуп,
Чымырайт элементтер!

Ошолорду башкара алыш үчүн,
Арбындуу билим керек.
Чыдам,
Сабыр,
Түгөнгүс батарея –
Күнзирек!
Сансыз көп желбиреген,
Жалбырактуу көк терек,
Жана эрк!

***

Таризи бүгүнкүнүн – симфония:
Тармал күндө,
Скрипка, флейта
Габой бирге,
Бардыгына түшүнүксүз музыка...
Байпастайт долинанта,
Кирип тилге.

***

Агат үндөр аркылда –
Сыбызгыган,
Сызгырылган,
Аздан соң,
Ачып көөдөн

Шоокумда дүңгүрөгөн
Кайра кайтып,
Муңайып, аз жүдөгөн.
Ошо сулуу дилмөөрдөн,
Жаралганбы,
Оркестрдин башчысы –
Бириктирип ирмөө менен буларды
Сыйкыр дирижңр
Жазгы ыргактарды чубалгы,
Эл алдына чыгарды...

Репетиция –
Кайталанат эчен ирет.
Мазесиз музыканы,
Уккан күйөт...
Чыгармачыл өлкөнүн
Өнүккөнүн – өскөнүн,
Даңазалап бийикте жылдыз жүрөт.
Оркестр – топ музыка,
Дымактарды,
Адамдардын ой-тилегин батырган,
Бир тутумда – эбегейсиз чыңала,
Бийиктиктин бийигине чакырган.
Обондор – тагдыр гүлү,
Ар кыл тембр,

Аспаптарга чачылган.
Бирде тымып,
Бириндe бажырайып ачылган.
Музыканттар шердем жана кайраттуу,
Дайым шыктуу.
Дирижңрдун жөндөмү толгойт мыкты.
Эл жеңет! Эрк урааны керемет.
Ачып чыгат,
Тоскон кыйынчылыкты!

***

Сүйүүбүздү,
Чачыратпай талаага,
Жашыл жазын,
Арнап турдук балага!
Тилек тилеп өмүрүнө,
Арзыткан көңүл күүгө,
Кошула санаа төнөт –
Санаага.

Төрөлө элегинде,
Алгач күйүп үмүт оту,
Алыстан жалтылдашат,
Миңбир чоку.

Төрөлгөндө,
Тили жаңы чыкканда,
Даяр жүрдүк учканга!
Сөзү чала болсо да
Коңр жерди табалбайсың жаныңы!
Сүйлөгөнү – тоо булагы шылдырап,
Аалам ырын ырдап чыгат аныгы.

Аз кийин,
“Окуу, окуу жана окуу!”
Айтылбай калган менен мурункудай –
Уңгусу улуу сынак.
Балыктын баласындай,
Сезимди дирилдетет таруу курак.
Бул кезде адамдык үйүт, жөндөм
Өнөт жана калыптанат,
Өмүрдүн түпкүрүнөн алып Турак.

Силер дагы башкадай,
Сууда сүзүп,
Селкинчекти тептиңер
Жакшынакай.
Анан эле үй-бүлө очок куруп,
Өзүңөрчө таалай издеп кеттиңер:
Тилеп турдук Теңирден биз,

Бакытка жол утурлап,
Багытына кошулса деп жеткирер.

***

Байкасам:
Нурзат каякта,
Компьютердин сандыгын
Өлкөлөрдүн өрүшүнөн,
Ачып жаңы техниканын айдыңын.
Аны дароо курулушка жеткирип,
Көкөлөттү тагдырын.

Турмуштун төп чындыгын,
Алыш үчүн чын сырын,
Урмат чыкты айланып,
Машинеде,
Материктин ой-кырын.

Алым тапты,
Эминенин эмнесинде,
Эминелер бардыгын?!
Шагыл таштан – жибеккече,
Зарылдыктын жан сырын.
Адамдын акылынан камыр жууруп,
От тутантып иштеткенди тандырын.

Инерция ойносун деп табында,
Кумар кызым,
Отун кошту жалынга.
Кунаныңды суутпаган иштер көп,
Кум чайнаган,
Курулуштун жанында.
Келечектин керме жолу башталат,
Эй, курдаштар!
Багытыңан жаңылба!..

***

-Бакыт кайда?
-Жумушта.
-Жумуш кайда?
-Курулушта.
-Чымчык дагы уя салат,
Тууй электе жумуртка!

үйсүз-жайсыз профессор,
Ой табалбайт санаттуу!..
Сүрөткерлер,
Тарта албайт шедевирин,
Болсо дагы таланттуу.
Жайсыз композиторго
Кыйын болот музыкасын жаратуу,
Идеясын таратуу?!
Ансыз токтоп калат баары –
Окуу. Жазуу. Агартуу.

Жашоодо,
Талабы тор –
Адам үчүн,
үй кутунун баркы зор,
Топурагы сыягы,
Тамыр жайган дарактын.
Жерлерде калкка борбор,

Эсеп. Чөйрө,
Же бирдеме,
Иштегенге,
Мисалы – информация,
Мамиле көшөгөсүн сабаттуу,
Өтөгөнгө,
Мүлдө зарыл курулуш жай.
Эң бир бийик болсо дагы –
Отуз ашык кабаттуу!
Кенен аба мейкининдей,
Учкан кезде канаттуу.

***

Эми силер,
Адамдардын акылынан,
Дүмбүл топтоп,
А бирок,
Ачыла элек кенсиңер.
Бата кылам:
Кудай колдоп,
Элдин зарыл,
Ниетин жолдоп,
Көкөлөсүн бизнесиңер!
Өссүн адал,
Агын – “Нурал”.

*Ош. 30 май, 2014-жыл.*

## ЭЛЕС ЖЫЛАТ

Кар окшойсуң акырын уяң жааган,
Жел арыгың чөп сылайт кылаңдаган.
Шамалсыңбы? Көлбүтүп жоолугуңду,
Мойнуңдан кучактабай туралбаган?!

Табияттын кызыгы сага да, мага
бирдей,
Сагынат ак жамгырды тескей, күнгөй.
үмүттүн ачылганы – таңкы жарык,
Кээ бири чөгүп кетет меңсиз түнгө...

Баскан жол ташы чогоол, чыйыр
канат,
Кош бутум коно талып, кыйыктанат!
А көңүл жанды сүргөн гөзөл кылык,
Өйдөлөп бараткaнга сыймыктанат!

Карагайдын учунан, бурчук таштан –
өгүз минди,

Көрүп өттүм көөнөргүс элесиңди.
Бирге жылып, тигинде азга тынып,
Ээрчийсиңер элтеңдеп эже-сиңди...

Арбытып тоо кырына чыккан сайын,
Алыстар агышууда көзгө дайын.
Көбүргөн, бозгун шыбак жыты чурап,
Азгырып кыңырылат  арча, кайың.

Табият кенен ачып оюн-кырын,
Алдыма жыйып салды театырын.
Күн нуру көздөрүмө кубат тутуп,
Ичке тарттым Мекендин кымбат
сырын.

*Ош, 1-июнь, 2014.*

## ӨЗӨН ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Бир сөздө көңүл гүл ачат,
Гүлдесте өмүр – ырахат.
Түнкүсүн булут жок болсо,
Жылдыздар жыргап ырдашат.

Таза суу – тунук нак таңдай,

Толкундан сүйүүү тапкандай.
Толкунду – толкун кубалап,
Толгонуп бара жаткандай.

Күнү-түн ак суу шуулдап,
Сүйлөшөт тоодон ой сурап.
Жеткиче терең дайрага,
“Көк жорго” чуркайт жол улап.

Бир тыным калбайт куюн ат,
Оң-солду чарпып жулунат.
Тоо жыты, шамал, дарактан,
Капчыгай даңкы жыйылат!

Жээгинде алча күбүгөн,
Тиерде шуңгуп күбүрдөн,
Баратат өзөн алыска,
Салкынды шилеп түбүнөн.

Агуунун салты ушундай,
Жай-кышы наркы бузулбай,
Жөнөтөт толук чөл жакка,
Күйөөгө чыккан кызындай.

## СҮЙҮҮ

Баарынан баркы жогору,
Айтпагын сүйүү – "жалын!" деп.
Жалындап күйгөн оңобу,
Аның бар шойкон, "самын" кеп.

"Жүрөгүмдү жаралап!"
Деп ырдаган а да калп?!
Жүрөгөр жигит саламат,
Жаралуу жүрөк – өлүмбап!

Ак сүйүү өмүр мезгили,
Жарашып турган жаз – Булак.

Жаңылбас тунук жандили,
Ал күчтүү жана табышмак?..

Ийилбес, сынбас, бүлүнбөс,
Жаштыктын өчпөс сезими.
Калганы жалган – күнүлөш,
Бир гана болот кезигүү.

Сулуулук – жазга таандык,
А сүйүү – жаштык менчиги.
Кошулбай күнөө, жамандык,
Тазалык бийлейт эркиңи!

Жөн жүргөн кезде жел минип
Таң атып, тездеп күн батат.
Ал сүйүү өчпөйт эскирип,
Жүрөктөн кетпей муңдатат.

## ЖУРНАЛИСТКЕ

*(Б.Сутеновага)*

Суранам:
Барды жазгын сулуулап!
Маңызын кичиненин,
Тоого айландыр улуулап.
Элди,
Жерди,
Караөзгөйлөр кордоп атса,
Жүрөккө кайратты тарт,
Жаалдана туу ыргап...

Тапкын,
Жокту бургулап.
Жарыяла,
Тоо-тоолорго коңгуроону ургулап!
Уялап, кулагыңан,
Учуп чыксын,
Миң бир аары зыңылдап.

Жылуу күндү,
Ач бороонду,
Тосуп алгын эң алды.
Жазгын тынбай,

Ичи көңдөй,
Уругу жок мыйзамды.
Көзү ызгаар, ичи тарды.
Кароолдо олтурган,
Дабдыр, маңкурт урганды.
Тишин соргон,
Дээри шөмтүр тырманды.
Дооран сүрө,
Тыноо кирип, дем алганды.
Айланада толуп жаткан,
“Ыпыр” менен “сыпырларды!”

Даңктагын бийиктикти!
Акыйкат – сынбас күчтү.
Жазгын дагы,
Кожожаш аскасынан акча издеген,
Шумпайды.
Көргөнүңдү – ал кантип чалкасынан,
Кулап түштү?!
Каерде кошоматчы томолонуп,.
Бийликке тизе бүктү?!
Журналиот!
Тазалыкта – жаның, адал жалынсың.
Кара түндө, жарыкта да,
Жарып өт чырдын салтын!

“Кожого” кол куушурба,
Сен чындыкта дайым барсың!

Улакта алдыда жүр,
Дем берип сүрмө топко.
Кайып учкун жылдызча,
Из салып болочокко.

Куурайча сынба майда,
Тамызга болуп отко.
Сөз огуң даяр турсун,
Душмандар келатышкан кара топко.
Керекте суудай аккын,
Эместе тыйып... Токто!
Кайып учкан жылдызча,
Из салгын болочокко!

# СӨЗКАТЫШ

-Эмне кылып атасың?, -
Деп сурадың!
-Карыдым.
Барган сайын кыскарууда жарымым.
Бой кубатты, акылды,
Жаштыгыма берген экем бардыгын!

Эки бутум,
Эптеп-септеп бараткандай өңдөнөт.
А көздөрүм,
Жазды сүйүп,
Күз элесин чөгөрөт.
Ич көңүлүм,
Жарык тилеп,
Сырт жагымда,
Томсоруу зар чөлдөнөт.
Антсе дагы,
Көкүрөктү көтөрөмүн,
Калбайын деп жөрмөлөп!

-Керсарысың?
-Ооруп, анан көптө айыккам.
Ар жолкуда,
Сууга чөгүп кете жаздап,
Аман түштүм кайыктан...

-Жыйган дүйнөң?
-Күндүн нуру,
Жарык таң!
-Дагы.
-Жаңы,
Эки сап ыр чүргөсөм,
Элим менен сүйлөшөм!

## КЕРЕК

Жазам десең,
Чыгарманы жакшынакай,
Жалпайып жата көрбө,
Көлчүктөгү бакадай.

Эрк жаңыртып,
Керек дагы,
Дагы бир чоң секирик
Эй, Жарыктык!
Багытыңа кара тик.
Жалт-жулт эткен сөйкөлөрү,
Бир сулууга алаксып,
Кала берүү чекилик!

Болсун десең сөз бүтүн,
Ыраа кыл,
Жыйнап күчүң!
Жоктон барга айлантып,
Билип ич эчки сүтүң!
Кудум учкан жылдыздай,
Жанып өтсүн,
Жүрөгүңдү түнкүсүн.

Керек дагы,
Дагы бир чоң секирик,
Эрк жаңыртып алга чык.
Ансыз сенин медериңди,
Кабыл албайт,
Чыргоо мезгил – Мейкиндик.
Ой адаты учуп туруу –

Ойду мин!
Ой дегениң – Эркиндик.

## ЖЫЛКЫЧЫ КЫЗ

Аз калып батарга күн,
Кызыл нур булут чалды,
Батыш жак кызыл ыраң.
Кыштакта, тар көчөдө келатышты,
Жылкылар удургуган.

Ачуу чыкты чаңк эте
Кыз бакырык:
Эй жигит! Ким болсоң да?
Алдыга чык!
Жылкыларды бери буруп.
Көчөнүн этеги жар?
Жете албай баратамын,
Жаным куруп!
Мингени тердеп кула,
Чаң жууп.
Жарып өттү кулагымды,
Тоң буйрук!
Кер күлүк кунанымы

Чимирилтип тез артка,
Камчы бастым!
Тоголок топ тийгенсип
Кызыл ташка

Эстен кеткис,
Кызуу жарыш,
Дүркүрөгөн ылдамдык,
Дүбүрөйт,
Жылкы – дайра.
Жаадай көзөп,
Чыга түштүм алдыга
Сүлүктөй мойнун созот,
Алдыдагы карагер.
Аны тосуп келеткансыйт,
Ачып оозун кара жер.
Айкырып өттүм кайып.

***

Алдыңкы,
Эки бутун жерге сайып,
Башын чулгуп,
Жалын жайып,
Жагжайып,
Капталына куйрук жанып,
Алайып,
Тура калган айгырдын,
Жонуна камчы салып,
Ачуу зарпын тараттым.
үйүр артка кайрылды.

Ушул жерди,
Мукта тосуп койбогон,
"Чала жууруп камырды"
Кенебестик көңүл сазга орногон,
Элеттикке толгоном!

***

Өзүмө келдим аздап,
Эт-жүрөгүм чаалыгып.
Кала жаздап,
Тебелеп өткөн сыңар,
Жылкы – таскак.
Жылкычы кыз,

Айгайлап,
Жол бөгөдү
үйүрдү ачык ооздуу,
Коргонго карай айдап.
Карт эшигин,
Жаптым да,
Кулпуладым абайлап.

***

Кызды көрдүм,
Эми гана аныгыраак:
Кичирейген көк көздүү,
Сары чачтуу,
Беттери айтегерек,
Деми элпек,
Жаны сергек,
Караңгыда жаккан чырак!

-Жүр! – деди кыз,
Көзүн сүзө амалдап...
Бек кармап тизгинимден.
Кылдырт этти жүгөнү кунанымдын,
Бул жолу “бакырык” түгөл калып,
Көңүлдү шыбыр жайлап...
Дагы буйрук:

Жана болсо жылкыны тос!
Азыр мени,
Аярлап,
Алдына салып айдап!
Жылкычы кыз!

## САНАТ

Эл:
“Токтогулдай ырчы бол,
Толубайдай сынчы бол!”
Сөздү термет Чыңгыздай,
Бүбүсара бол – бийле мол.

Искагыңдай иш билгин,
Султаныңдай эл сүйгүн.
Муратбектей – театрды,
Төлөгөндөй сөз түйгүн.

Сагынбайдай Манас айт,
Таттыбүбү – сулуу нарк.
Болот, Бакен, Океев,
Агып берди кино даңк.

Эрлер – эки Түгөлбай,
Өрмө шыктуу Сүймөнкул.
Ороз, Атай, Ырысбай,
Туу башында Токтогул.

Так санагын –
Мезгил сынчыл!
Поэзияда Жоомарт, Жусуп, Алыкулсуң.
Операда Калый, Болот, Асанкан,
Атай, Болуш, Самара – комуз журтуң!

Топ ичинде күдүрөйөт,
Сүйүнбай, Сооронбайың.
Байдылда, Жолон дайын.
Асмандын санаасындай,
Абдан көп талант айылың.

Кичинекей Кыргызым,
Көчөдө ызы-чуусуң.
үйүңдө – бактылуусуң!

Деңизге чыгып алган,
Кайыкнурсуң!

## ЫРЗАТЫ

Санаадай,
Балапанча,
Сары тумшук чыгарган.
Узун чачтай,
Жамбашыңдын ылдыйынан чубалган.

Көз жашындай,
Кайгы сыгып,
Кубаныч жылып кылайган,
Жаш бөбөкчө,
Эми гана,
Жөрмөлөштү жеңип алып,
Кылтылдатып боюн араң,
Кас-кас кармап туралган.

Жаратылыш жаңылыгы,
Жер бетине,
Жаз мончоктуу уланган,
Укмуштуу нерсени,

Ыр дээр элем,
Агып турса уламдан.

*2.03.2014-жыл.*

## ЖОЛДОГУ МАЕК

Көчөдө келетабыз секин басып,
Ойлордун жонун кашып...

Искендер дос,
Бурула сурап калды:
-Өмүрүбүз өттү дейли оргу-баргы.
Азбы көппү көргөнүбүз.
Ал чөйчөк канчалап кубаныч алды?
Канчаны өксүп төктү?
Эмнесинин кедери пас?
Эмнени көкөлөттү?
Канча ойду кыялтап чөгөлөттү?
Карасаң!
Улгайуу ылдамдыкка өтө жарды.
А демек,
Өмүрдүн эң күчтүү жери барбы?

Жооп:
-Жаштык!
18-25тин чендеринде
-Жок!
Жаштык кезиң сүйүүгө бек байлаган.
Жерди айланган, көктү чалган.
Нуркумар гүлдү эңсеп,
Анда көп умтулуу же өчүк арман.

-Адам болуп чыңалуу!
25тен 50гө че.

-Бул мезгилиң тумандаган убара.
Эмгек. Эргүү. Изденүү.
Алдакайда азгырып,
Алып кетет турмуш сени.
-Эмеспи,
Акылга толуу маалы.
Мисалы,
50дөн 65 жашка нары.
-Бул чагың,
Байлап коңт сары жипке.
Бутуңан белге матап,
Колуңду – тириликке.

-Андан ары,
Улгаюнун кечки жели үрөп согот,
Өмүр тороп.
Артыңда ар кыл жомок...
Жомоктор,
Кызыл жипке кошоктолот.
Андыктан бул учурду,
"Күчтүү!" деп сүрө айтууга кыйын
болот.

-Искендер!
-А?!
-Өзүң сүйлө.
Өмүр дүйнө
Күчтүү экен каерде?
Жооп бер!

-Байкашымча – балалык!
Бардык жагы тең. Мүлдө.
Чыкса үйдөн,
Кирсе үйгө, алдыңда,
Жайнап турат кең дүйнө!

Билбейт бийлик дегенди.
Көр албастык, ачуу зулум, кир кошомат,

Жыттанбайт.
Анткени,
Денесинде арам жок.

Өссөм дейт дарак окшоп.
Уйкусу – гүл.
Татканы – ширин,
Басканы – шок!

Менимче сага дагы, мага да,
Күчтүү өнүм – балада.
Калгандары –
Чачкан таруу талаага.

*22.03.2014.*

## ИТТАГДЫР

Ит дейт:
Бардык турмуш өттү дайым мурдуман –
Жыттуусу да, чириги да былгыган.
Жөн убакта олтуралбайм чөп тиштеп...
Жолбундардын оокаты –
Көңсүгөн нан,

Тумсак колдон ыргыган.

Күн айлантып,
Түндү чайкап,
Мен короомду кайтарам!
Ав! Аав! деген бир сөзүм бар,
Башка нени айталам?
Чоочун көрсөм көз чанагым сурданып,
Ээм келсе куйрук булгап, жайкалам!

Мага бирдей Падыша же Атбагар.
Түшүнгөнүм: “биздикилер!”, “башкалар!”
Эң сүйгөнүм – Канчык келсе “жүйөөлүү”,
“Аткан окко башты тосуп, таш чагам!”

Кожоюнум таштап көчтү бир жакка.
үч күн жаттым, куйрук, башым ныгырып!
Ачка сыздап, курсагымда бүдүр жок,
Куса толду, ашказаным чыңырып!

Жыйып анан жайдак, көпчүк чатырды,
Оңго!.. Солго!.., не кыларды билбедим?
Кыжыйдым да бастым алга акырын,
Куйрук түйөр кайратым жок күндөгү.

Мурункудан ит милдетти – сакчылык,
Так аткардым, үн шыбыртын иргедим.
Эми үйгө кирди жондуу адамдар,
Татаал сүйлөйт! Башкачараак үндөрү?

Кандай болот азыр тагдыр болжолу?!
Ити бар деп бири карап койбоду...
Жатам... Жатам..., беш бүктөлүп
кабыргам,
Айрымасыз уктоо менен ойгонуу!
Ит дейт!

## КЕРЕМЕТ

Спорт жаны козголмо
Чоң футболдо,
Оюн жүрүп жатканда,
Коментатор жебиреп,
Капилетте,
Шашканда,
Топ жумалак дебиет.
Так сүйлө!
Топ эч качан жумаланбайт!
Тоголок – томолонот.

Сүйрү дөңгөч бийик төштөн,
Жумаланат,
Же сойлойт.
Кээде куланат.
Көчкү, жарлар,
Деңиздеги толкундар,
Алдын көздөй сүрүлөт.
Дал ушунда
Канча келбет
Канча нерсе – бүлүнөт!

Жамгыр жаайт,
Себелейт.
Кар каалгып эленет.
Көрүнбөстөн,
Кармалбастан
Дарак чөптү "окутуп"
Жел экиленет.

Дөңгөлөнөт – дөңгөлөк
Чарк айланат, чимирилет
Көп тетиктер тегерек.

Суу агат,
Нур кубулуп – желеленет.
Мунун баарын
Өз ордунда,
Өз жолунда так айткан,
Кыргыз сөзү керемет.

Айтар кебим соңунда:
Ар нерсе болгон жакшы,
Өз ордунда!

## КӨЗ АЧУУ

Манастын Семетейи, Сейтеги бар,
Кыргыздын эртеңине неси даяр?
Пластмасса боз үйдү тигишеби?
Жыгачты унутушуп уул-кыздар.
Абийирибиз, Айкүүлөр көмүлөбү?!
Алигиче бирикпейт “кыргыз” –
“киргиз”,

Бир ууч журт тең экиге бөлүнөбү?...

Тил оору “тибирткеси” айыгабы?
Же ортосу ансайын жарылабы?
Кенебестик кендирди байлап таштап,
Эңшерилип баратат бейм алды жагың?!

Аккула кайра дагы токулабы?
Же токтойбу очоктун оту дагы?
Глобал “бороон-чапкын!” келип
калды,
Биз бүткүчө “так” талаш окуяны.

Кайдасың сак кыргызым
акылмаанай?
Эл күтөбү Ала-Тоо калчылдабай?
Эскертти олуя Чыңгыз болорун
шүйкүмсүздүк –
Дасторкондон төрт токоч
чачылгандай!
Эскертти!
Бекем тур деп,
Сүйүүңдү жалындатып,
Мээрим сактап!
Тилди, элди,

Мекенди оттой сактап!
Замандын, адамдардын алакасы,
Ыдырап бараткáнын согуп аптап...
Эскертти –
Өзүңдү-өзүң ойлоп,
Ала жүр деп –
Кейип, какшап!

## ЖОГОТПО

Суукта көз карегиң тунарбасын,
Санаада кабак-кашың муңайбасын!
Жетишкен – жетишпеген мүмкүндүктө
Желбиреп гүл сезимиң турган жакшы.

Бирден кийин эки... үч... ашат санак,
Ашыңы аңдыбасын арам тамак...
Жаңылтып сүйүү демин ымдоо
менен,
Жалгандын – баары жалган баштан
аяк.

Түндөсү жалт-жулт элес, жармач
жалын –

Мактоого ишенимди алдатпагын!
Ийгилик ит куугандай качып жөнөйт,
Белгилүү айтпаса да калган жагын...

Тазалык – алып келет тазалыкты,
Кайратка-кайратты кош абдан мыкты.
Күрпүлдөп суудай толкуп иштеген
соң,
Адамдар сезип турат жакшылыкты!

Муздатпа сүйүү каткан сандыгыңы,
Сандыкта кошо жаткан тагдырыңды.
Кумарга кулкундуруп беш мүнөтчө,
Жоготпо бардыгыңды! Бардыгыңды!

Оңой эмес,
Жылаан болуп,
Дене чоюп сойломо?
Койкойгондо моюнуң
Оңолдум деп ойлобо!
“Адам болуу бардыгынан кыйын иш!” –
Чыңгыз айткан чоң жобо.
Кыйрап мезгил өткөн сайын,
Улуунун айткан сөзү,

Окшоп барат олжого.

## ДАРТ

Узун жомок.
Сага да,
Мага дагы,
Чакырылбай келген конок.

Бутуңду – “меники”,
Колуңду – “Сеники”, - дейт.
Оңой менен дарыгерге ийбейт баш!
Күнү-түнү үрүп турат.
Биерде – зыңкыйган таш.
Тынчты – чачат,
Бактылуу,
Соо күнүңдү алакачат.

## ЫР

Ыр деген,
Кийим-кечең,
Жаткан төшөк,

Жаздыгың.
Жазгын келсе
Ушу жерден
Жазгының.
Кармап алып,
Ойду, дилди,
Бардыгын
Кулунун,
Сөз байталын,
Айгырын.
Жазалбасаң –
Айныгын...
Көздү жумсаң көрүнөт,
Ай, жылдыздар.
Көк асмандын түпкүрүндө,
Жүрүшөт,
Өлбөйт көчмөн кыргыздар.
Анткени, жашоону алар билишет,
Болуп чоктой ынтызар.
Бешик артып жонуна,
Жапжаш кыздар.

Жазуу келбейт
Оңой-олтоң...
Жаза берсең,

Чоң ааламат башталат.
Бороон-чапкын
Тополоң.
Шамал-шойкон.

## КОРРУПЦИЯ

“Бармак – басты,
Көз - кысты”.
Кулак укту,
Ооз жутту.
Мурун – жыттап,
Кол – мыжыкты.
Эрин – жалмап,
Тиш – сыкты.
Моюн – булкту.
Мөөр арнап,
Бекемдеди тил кулпту!
Чөнтөк – тутту...
Бузулса –
Бардыгы күнөөлөштү,
Эки бутту!

## ЖООП КЫЛАМ

Түн эле.
Эшикке чыктым,
Улгайганда ой сүйрөп.
Асман ачык,

Жайнап турат жылдыз түнөп.

Эстедим,
Келин сөзүн:
“Окуп жүрөм,
Сиз жазган китептерди.
Ырларыңыз бекем. Түз!
Оргуштаган жаңылыктуу.
Сөздөрүңүз,
Жаңы. Шыктуу,
Ой чагылтып эсепсиз!
Бирок мени ойлондурду –
Өз атаңыз жөнүндө,
Жаксал жазбайт экенсиз!”

Ушул пикир чындыктын,
Желесине илип койгон,
Туздалган балык сыңар,
Катырды.
Тик тургузуп
Тебетейчен чачымды.
Ээн калган үйдүн эски,
Дарбазасы ачылды!

***

Аксы аймактын,
Байыртадан борбору,
Кербен шаардын багында,
Жайрап курбан болгондордун
Эстелик – меморкалында
Жазылып турат аты Атамдын,
Окшоп оттуу жалынга!
Итигулов Дүйшөналы,
Инилери Жоробай,
Эӊ кичине Молдалы,
Дайыма.
1941-1945-
Ата-Мекен согушунун каармандары
Кандуу ойрон жылдарда,
Өлгөн деп.
Түлөкө менен Айтмырзаны –
Жазышбаптыр тизмелеп?..
Согуш жылда,
үчтө экенмин кибиреп!

Билбей калдым аларды –
Өтпөгөн көпүрөдөй.
Калпактай кийилбеген,
Кыз тийбеген шөкүлөдөй!..

Жок нерсени,
Же сүрөттө,
Аба да,
Суудан да,
Көзүм көрбөй...
Не болгонун же укпай,
Түндө келип,
Түндө кеткен булуттай,
Дайынсыз - деше турган,
Алыс тууган!
Тагдыр түбүн – куруган!

## ЫНАНЫМ

Жазам десең,
Чыгарманы жакшынакай,
Жалпайып жата көрбө,
Көлчүктөгү бакадай.
Керек дагы,
Дагы бир чоң секирик!
Эрк жаңыртып,
Багытыңа кара тик.
А демек,
Жалт-жулт эткен сөйкөлөрү,

Бир жубанга алаксып,
Кала берүү чекилик...

Болсун десең сөз бүтүн,
Ыраа кыл,
Жыйнап күчүң!
Тирилтип жоктон барды,
Билип ич эчки сүтүн.
Ар бир ой,
Кудум учкан жылдыздай,
Жанып өтсүн,
Жүрөгүңдү түнкүсүн!

Керек дагы,
Дагы бир чоң секирик!
Эрк жаңыртып, алга чык.
Ансыз сенин медериңди,
Кабыл албайт,
Чыргоо – мезгил,
Дайра – заман,
Мейкиндик!
Ой адаты учуп туруу –
Ойду мин.
Ой дегениң – Эркиндик!

## ТӨЛГӨ

Гүлдүн түсү, назиктиги –
Көрүнүшү жаныңдын.
Аны үзсөң тирүүлүктүн,
Каргышына кабылдың!

Гүл тартуулап сулуу кызга,
“Мен бактыма жолугам!” –
Деген менен өмүр кыска,
Арнаганың – солуган...

Гүлүң дагы, сүйүү дагы,
Азап тартты,
Өзүңдүн – өз колуңан.
Төлгөчүнүн көзү жаман
“Жылаан чыгат жолуңан!”

## АЧУУ КЕП

Уй мүчө,
Эки келин.
Чоочун.

Олтурушат дүкөндө –
Дубал түптө.

Адатымча – тамашагүптө,
Сөз узаттым аларга:
Биерлик эмессиңер,
Баамда,
Толукка окшоп турат,
Толук бой элесиңер.
Пари кармайм,
Ийилчээк шаардыктан эмессиңер!

Айтышты:
-“Алайданбыз.
Жакынбыз айчокунун башына.”
-Аа-аа-а! дурус, -
Дедим
Даа сурашка ашыга.
-Байкадым,
Белгиңерди?..
“Пикетке келдиңерби?!
Келдибек уулунабы
Же шаар башчы Мелискеби?!”
Карасам тигилерди,
Алачакмак көздөрү
Төбөсүнө тирелди...
Суроо жакпай,
Суу жутпай ичиркенди.

Анан эсин жыйышып,
Жаадырышты ачуу кепти.
Не кылабыз пикетти?
Маа десе жата берсин кырылышып!
Биз тиякта – Россияда,
Көп жыл бою тырышып,
Иштейбиз – столовойдо.
Азыр кайтып чыктык жолго!

Кудай берип күч-кубат,
Шеригим – идиш жубат,
Мен – полдо.
Чөнтөктө – пул,
Тиричилик деген нерсе бүт колдо!

Ичимден,
Дедим мен –
"Ыраазы экенсиңер көр оокатка,
Тойгонго..."

Сурашты:
Не эртелеп,
Нанды мынча көп алдыңыз?
Жооптодум:
Бар эле кечээ келген мейманыбыз.
-Сапарыңыз ниеттүү болсун!
-Жакшы калыңыз!
Нугу калып "ачуу" кептин,
Аерден жылып кеттим.
"Жөн эле жүрсөңчү!" – деп,
Аялымдын айтканын элестеттим!..

## БИЛИП ЖҮР

Сүйүү ысык.
От табын кайтарбайм де!
Муздуктарды
Төр
Жылуу деп айталбайм де!
Дил чубак өмүр берсе,
Өз ордун тап,
Жазды жаз деп,
Күздү күз деп –
Убакытты аркандайм де!

Чындыкта болбойт ката,
Кызды – кыз де,
Келинди – келин дегин.
Баатырды баатыр ата,
Коркоктун оозун бек желимдегин!
Акыры отургузат сени сызга,
Ичимтап кооз сөзгө берилбегин.

Өздөштүрсөң сеники –
Терең, кеңдик.
Баарынан жаман үйүт –
Текебердик.

Досторуңа

Эң калыс
Болгон жакшы.
Катуу, жумшак,
Жылуу, муздак,
Баарысын өзүң өлчөп,
Көргөн – барктуу.
Жагымдуу жана шаттуу,
Дегендердин ичинен
Чынында,
Бала – таттуу.

Баардыгын тандаганга жетип тырыш.
Жаш чырпык –
Кууратанда оңой сыныш.
Күн батканы чыкканы болбогондо,
Баары бирдей мекениң:
Түндүк, түштүк, батыш, чыгыш.
Бир жерде селейип тура бербе –
Керек жылыш!
Керек жылыш!
Жыл алга!
Таңда!
Ал дегензарыл арга!
Турмуштун,
Түгү, түсү,

Жаңысы,
Чиригени –
Эски барда...

Керек десең –
Баары керек.
Кийим-кечең,
үйүң-жайың,
Орок, балка, машинең.
Дары-дармек,
Ийнегечең.

Бирок балам,
Унутпагын зарылдардын – зарылын.
Этин, майын,
Тузун жана камырын.
Казан түптө,
Күйгөн оттун жалынын.
Сенин дагы башкаларга,
Тиешелүү тагдырың!

Таза сүйүү, бооркердик, ак мээнет,
Тозок, сүргүн азаптуу,
Акыйкатчыл,
Татаалдык,

Сени өстүргөн тамырың!

Билип жүр
Ошолордун бардыгын!

## КАЛБАЕВГЕ

Тоодо калган кийикче,
Ылдый түшпөй,
Жашай берген бийикте.
Арнадым алты сап ыр,
Бир жигитке.

Улгайса да сүйүп терди,
Аплатун жаңактарын.
Сырты жөн,
Ичи жалын.
Жабышкандай аары гүлгө,
Жанын берген,
Китепте – сыры анын.

## ОЮНЧУК

Эй! Сөйрүк кыз!
Карга шыйрак?
Дененин теңжарымын,
Терисыйдам шым кылган.
Балтыр, санга,
Куйрукка дөмпөк,
Ичке белге,
Өтө сыгып жармаштырган
Жука, маес ыштанды
Минтип чаптап тындырган...

Төркүнүнө чыксак эми,
Ачык кептин –
Айтчы чынын,
Неге жеттиң? –
Ичинде “каптама” балакеттин?!

Сенин түрүң,
Кебетеси –
Куштардын жулуп койгон,
Куйрук жүнүн
Элестетет катыгүн!

Көчмө модаң,
Нерсеби көрүнүктүү?

Желпинүү.
Атаң,
Апаң
Тирүү болсо көрүшпөйбү?..
Бүт ачканды чурайыңа чейинкини!
Анткен таркиң,
Боло бербейт жылаңачтоо,
Сулуулуктун менчиги.
Андай десек жылаандар,
Сулуу болмок.
Эч бирде жок кемчилиги?
Эй! Сөйрүк кыз!
Карга шыйрак?
Өтүгүңдүн ичинде,
Ичке бутуң тыйрак-тыйрак.
Албетте, ушул матал[1] кейпиң менен
Барбайсың эгин талаага,
Эл иштеген?!
Модаңдын жеткен учу,
Көгөргөн же кызарган узун тырмак.
Бул заманда оюнчук көп –
Ойсуз, жансыз,
Обонсуз куру ыргак –

[1] Матал – алмашкыс, асыл деген какшык

Шылдырак...

## ОУТ

Бар болгону үч булак:
“Улуу булак”,
“Кичи булак”
Дагы бири төр түбүндө –
Жылтырап.
Ушул жерди жердептир,
Бир уруу журт Акчубак.
Күңгөй жактын баары таш,
Жыйып койгон жүк сымак.
Тескей тарап –
Адыр, токой чертурак.

Окшоп кежир кашкөйгө,
Тар. Кычырайт таш чөйрө.
Эчки-улактын жергеси,
Алар үчүн
Тиккен окшоп “Ак өргөө”.
Кычык, коңул бүктөмдөрдөн,
Күн ысыса көлөкөлүү көп бөлмө.

“Тээ илгери,
Кыргоолдор, кекиликтер,
Төш жагына жайылса
Кызыл жайнап,
Кетер эле”,- дейт абышка
“Пай! – Пайлап!”

Тузактарга алымсынбай,
Ар бир үй мылтык кармап,
Ата берип жаны тынбай,
Аларды,
Жок кылыптыр бүт жалмап.
Азыр учуп карга, жойпур сагызган,
Жыпжыланач, кеберсап,
Шамал жутуп бүт аймак.
Күн чачырап, таш ысып,
Түгөнүптүр муздак айран,
Бал каймак.
Карасак тарых – тейге:
Бар экен энциклопедия,
Топчудай ушул жерде.
Угалы:
Мукур – туюк,
Оут – тепши,
Мечит – мечин
А шүдүгер – үшүкчүл жер,
Аплатун – Платон.
Ат коюптур Саманидтер,
Жортуулчу – Искендер.
Биер –
Баары кетип,
Кыргызга буйруган жер!

Не жакшылык колдон келсе –
Кыла бер!
Жолуңарда –
Жашыл келечегиңер!

## АКЧУБАКТАР

Колдорунда жылтырайт,
Ташчырактар.
Караңгыда кайда барат,
Аска жээктеп Акчубактар?

Жашыл нооту кемселдери.
Ичине,
Ак. Таза көйнөк кийип,
Даарат алып,
Аруулуктун азарын[2] дайын билип.
Таза жүрүп,
Тизе бүгүп,
Намазына түз кирип...
Сөзүн баштайт тарыхтан,
Аалымдардан ой сүрүп.

---

[2] Азар – эң зарыл, керегиӈ

Булардын ата салты –
Агартуудан ийгилик!

Өзүң тапкан,
Түп тамырды:
Уламадан бата алган,
Солтон Сейит атабыз,
Акчубак деп аталган.

Ал жөнүндө мындай кеп:
Түп бабабыз Кыркуулдан,
Тагыраак – Итийбастын баласы,
Кээбукадан,
Алегече угулган
Бакай сөз бар,
Ак чыныдай жуулган:
“Кабай – каман уулум,
Жабай – жаман уулум.
Мамаяр – аяр уулум,
Солтон Сейит - мырза уулум!”
Түбүн тап дал ушунун!

## САКАЛДАР

Мода көп:
Аялдар тырмак боңп,
Кирпик жоноп.
Эркектердин ээгин,
Аркылда,
Сакал ороп...

Айталык,
Айрымдарын,
Эскисин,
Жаңыларын:
Биринчиси Бакай сакал,
Киндиккече жайылган!
Кийинкиси,
Ак сакал
Азыр түшүп келгенсиген айылдан.
Көрсөк катар:
Батек...
Чокчо...
Эчки...
Көң сакал – калың абдан!
Жайык...
Кырма –
Мурутун алып салган...
Куу...

Суюк...
Чекме – мурут учун улантып,
Оозду тегерете тутулма.
Чик – астыңкы эриндеги
Шүк учурма.
Буудай – шагы бапыйган.
Куудай – акбаш тыйпыл,
Шумпай... –
“Катын сакал” ээгинде – төрт-беш кыл.
Шаа сакал –
Маркс менен Энгельс.
Буума токой –
Толстой.

## О, АКСЫМ – АККАН КӨЗ ЖАШЫМ!

Ала-Тоону жердеген Аксылыгым,
Алыска дайын кылган жакшылыгың.
Нурмолдо, Кыдыралы,
Жеңижок, Ныязалы,
Темиркул, Жунай жана
Төлөгөн, Ормонбегиң,
Асанбек, Арстаналың,
Канча дагын,

Шумкарлар сен өстүргөн уядагы,
Кыргызга берген сыйың.

А бүгүн уңулдадың,
Жутулуп ыр ордуна
Арман, ыйың.
Бардыгы баш чайкашат,
Ичтен сызат,
Айтышып: “кыйын!”, “кыйын!”...

Элестетип,
Он-Ачардын чокуларын,
О тиги карагай-чер,
Жаңактуу токойлордун шуулдагын.
Сууларын Аплатундун, Пача-Атанын,
Жаңырткан тоо арасын:
“Коң бер!”, “Эркиндик бер!”, “Жашоо!”
– дешип,
Күргүчтөткөн күр-шарын,
Элестетип
Чыккан кезде чоң жолго,
Желбиретип желектей намыс-арын,
Укуктун таймашына атуулдарың,
“Таа-аа-аарс!” – этип атылды ок,
Канатып миң тогуз жүз,

41-жылдын тагын...
Күнөөсүз жигит өлдү,
Көзүнөн өчүп жалын!
Кожоюнга жугундукор, маңкурт
кургур,
Мойнуңа байланганбы кара чынжыр?
Неге аттың тууганыңды,
Чечекейиң жарылып, колуң сынгыр!

Кыргызым көзүң болсо түпсүз тикте,
Жазбай карап, жик-жикте.
Он жыл мурда
Бизди чексиз сүйүнткөн,
Эгемендүү эркиндикке,
Ушу бүгүн ок тийди!

О кантип унутулду,
Тарых катуу эскерткен кара туйгу,
Карайлаган атасы
Так башына атканы Карагулду –
Жалгыз уулду.
Кайра минтип
Өзөк каарып чыккан өрттөн,
Көкүрөктү жаш жууду...

Аксы журту
Жарык менен табиятты,
Тап-таза жутуп туйган,
Сезимин быркыратты,
Айнектей ташка урган.
Ал айланды майда, курч сыныктарга,
Тийген жерин аябай шылый турган!

“Калк айтса да, калп айтпайт” – деп,
Тээ илгертен аныкталган,
Элдин сөзү,
Мамилеси,
Аруу чындык, шум жалган.
А демекчи “ашатмалар” аксылыкты,
Көрсөтүшөт ачка, дөдөй кой окшотуп,
Чөп көтөргөн “бирөөлөрдү” ээрчип
алган.

Жок, жок алар,
Камгак эмес,
Кете берчү
Каалаган жакка айдаса туруксуз жел.
Аксылыктар
Көзү ачык, кеменгер,
Көкүрөгү бүтүн Эл.

О калыстык
Кара кылды как жарган,
Аксыдагы бу шумдукту изилдегин,
Ишендирип дүйнө элин.
Түндү түрө
Колуң менен шам жаңган.
Оору жатат тереңде,

Себеби не?
Ал айыкпайт үстү жагын таңгандан.

Жерге тийген күн сыңары,
Элге керек жылуулук
Жана дагы кенен дем,
Азаттыктын абжалдырган нурлары.
Ансыз кесел ЭРКИНДИК,
Жандайт аны шор кошо.
Эгемендүү болгон менен,
Бакыт кушу алыс качат,
Заманыңды жарык кылган,
Адилеттик болбосо.

*Ош шаары. Апрель, 2002-жыл.*

Тагдыр татаал,
Калпыс элес –
Андай-мындай деш мурун.
Эртең менен бар болуп,
Балким жоксуң кечкурун...

***

Үлбүрөгөн жаз – селдүү.
Дүңгүрөгөн жай демдүү.

Күркүрөгөн күз белдүү.
Жаркыраган кыш келди.

## ГҮЛ

Табият өтө чынчыл,
Багып сыр.
Эшигибиз алдында
Гүл жадырап жаныптыр!

Баргек жумшак, кыпа нерсе.
Мисалы –
Абай салсаң баамдап,
Гүлдүн ачкан таажысын:

Жарганаттын,
Баргек жука канатын,
Элестей бер,
Ар кандай кызык боңкторго,
Назик боңп,
Эгер жетсе талантың!

Көзүң менен,
Сезимди каныктырып.

Сылай кара,
Көңүлдү жарык кылып.
Ушу саам,
Гүлдөр сага,
Дүрө жайнайт,
Кеселиңди тымызын айыктырып.

# НҮЗҮП – ШЕР

# НҮЗҮП – ШЕР

1826-жылдын июнь айында Кокон хандыгынын 15000 аскери Жаангер кожого жардамга келип, 70 күндүк согуштагы салгылашуулар кийин Гүлбах чеби каратылып алынып, андагы 10000 ге жакын аскер аргасыз багынып, ... Жаангер Кожону ак кийизге олтургузуп, калк "Өкүмдар" деп жарыялайт. (Нүзүп аталык жана Кокон хандыгы, "Эркин Тоо" 15-апрель, 2014, № 28.)

Кокондон барган аскерлерге туруштук бере албаган кытай аскерлери Пекинден жардам келгиче шаардын ичиндеги азык-оокаты мол даярдалган, бардык шарты бар Гүлбах чебине (бактуу, гүлдүү жай дегенди билдирет) кирип бекинишет. Хандын жана Кожонун кошуундары үч жолу чабуул коюп ала албай коюшат. Төртүнчү чабуул алдында Нүзүп паңсатка өзгөчө кошуун түзүү жөнүндө буйрук берилет. Аскерлеринин бир тобун кытайча кийиндирет да согушка кирип, чегинип, качып бара жаткандай түр менен

чептин дарбазасына карай бет алышат. Аларды көргөн аскер башы Хуан-Лин дарбазаны ачууга буйрук берет. Кытайча кийинген Нүзүптүн аскерлери каптап кирет да согушту баштайт. Жыйынтыгында Гүлбах чеби алынып, ойлоп тапкан акыл-айласы жана баатырдыгы үчүн Нүзүпкө хан алкыш жарыялап, сыйлыктарды ыйгарат. (Гезитке ылайыктаган Малабек Токтоболотов, Эркин тоо, 15-апрель, 2014. Нүзүп аталык жана Кокон хандыгы)

1. Чыйралуу
Каар каткан жыл болчу...
- Нүзүп кайда?
- Кашкарда. Гүлбахта.
 Чоң согушка аттанган.
Аба түтөп,
Түнөрөт көгүш асман.
Кытайдын колбашчысы,
Аскерлери –
Азияга жутунуп келе жаткан.
Дуулдайт дүң,
Уңулдайт үн.

Шамал улуп капшыттан
Алааматта,
Кылыч жарк-журк,
Камыштай сунуп найза,
Жаа сызып,
Таш учкан.

Үч чабуулда күркүрөп-шаркырады
Тоолуктар.
Калың жоокер,
Кылычынан от чыккан.
Куюндайт алдыңкы чек,
Сапырылат булут-чаң.
Алалбады каптап селдей,
Ат жаагы жалын төгүп ооздуктан.
Аска-гар Гүлбах чеп тисирейет,
Ичинде толо душман...

Нүзүп окшойт шумкарга,
Шуулдап.
Издейт арга!
Бек жабышып,
Күлүк кара тулпарга.
Жанжөкөрүн чогултуп,
Кеңеш салат ал кайра:

“Табалы!” – деп бир айла.
Дирилдеген үнү жетип
Кудайга!..
Керек акыл, жетик көз,
Ушундайда.
“Биерде сепил тороп,
Тек жүргөндөн не пайда?!”

Эгер душман,
Ушул жерде тыйпыл, күм-жам,
Болбосо,
Алар кара таандай самсып,
Каптап кирет,
Ала-Тооңу – кутуңу,
Асыл Мекен – журтуңу.
Андан эртең,
Кыйын болот кутулуу.
Түшүнгүлө жоокерлер,
Түшүнгүлө мекендештер ушуну!

Бүтөп сылдай эшигин,
Сепил жабык.
Тартиби так. Унутпай,
Кеч киргенде,
Жым чөгүшөт булуттай.

Жылан сыйпап кеткенсип,
Жымжырт баары,
Уктаган дөө - дудуктай?
Алар күтүп жатышты,
Чоң жерден чоң аскердин келишин,
Күн эсептеп куруттай...

Нүзүп паңсат,
Миң танданма жоокерин,
Душман түрдө кийиндирип үлгүсүн,
Эч кимге көрсөтпөстөн,
Алып жүрдү түнкүсүн,
Жума бүтүн.
Пайити келген таңда,
Кытай, калмак тилинде
Эшикти ач!
Биз келдик! - деп жардамга,
Так сүйлөтүп,
Кыйкырттып жаалданта!
Ат чаптырды коргон түбүн дүпүрөтүп!
Бир тараптан көрсөтүп,
Сырттагы аскер менен,
Согушуп жатышкандай күчү кетип...
Аскер башчы Хуан Ли буйрук этип.
Качырап ачылды зор каалга.

Ошо маалда
“Кытай аскери” Нүзүп түзгөн,
Душмандарды аралап
Ач жолборстой салгылашты майданда.
А тигилер түшүнбөй,
“Кимиси – ким экенин”
Чакчелекей, кымгуут болду анда.
Ачык калды каалга?!
Сырттан кирген зор күчтөн,
Баскынчылар жатышты,
Оонашып кара чаңга!

Көптөрү колго түштү!
Көптөрү тизе бүктү!
Көптөрү кыйрап бүттү!
Баатыр! Баатыр! Баатыр! – деп,
Бүткүл кошун too жаңыртты!
Жана журт. –
Даңктап атты жаш жигитти –
Нүзүптү.

Окшоп тоонун шамалы,
Нүзүп аты тоого, түзгө тарады!

Болсо дагы жоокер күндөр –

Эң азаптуу, кыйналуу.
Ошол мезгил Нүзүп үчүн,
Экен алгач чыйралуу.

**2. Нүзүп бейне**

Келсе дагы кең заман,
Ата менен баласы,
Араздашса эң жаман.

Олтурбайт ал тим чыдап,
Ителги көз,
Өңү – жез,
Кыймылы тез,
Баш төбөсү жылтырап.
Көнгөн эмес,
Бой, кулачын кымтылап.
Акылына илешкенсип,
Ай таризде нур чыгат.
Тайманбаган,
Кашкөй, көк жал, ташкубат
Өзөн толкуп,
Көөдөнүнө өрдөгөнсүйт шаркырап.
Жүгөрүнүн паясындай

Бычыратып тебелейт,
Жүргөндөрдү,
Жүүнү бош, калтырап.
Акты – ак деп,
Көктө - көк деп түз сүйлөйт.
Таза бөрткөн себептен,
Кээлерде,
Келишпеген чыр чыгат...
Жаштыгына карабай,
Өңкөйлөрдү бириктирди,
Өткүр, чынчыл түп курап.

***

Ханга атайы,
Тез-тез барып турушат
Бийлер, байлар, төрөлөр.
Коштоп жылкы жетелеп,
Же, кымбатты жасап өнөр,
Даңктуу жигит өңөрөр!
Чакырганга келбей койбо,
“Келе бер да, беребер!” – кезиң келди,
Көк желкеңе,
Байлык тузу эленер...

***

Нүзүптүн өз атасы,
Эсенбай бий,
Хан сөөлөткө жөнөдү.
Башкы сыйга – тартууга,
Туйгун кушту карматып,
Табылбасты – күмүш менен алтынга.
Жетелетти бир күлүктү,
Ылайыктын шартында.
Ат үстүндө тебетейчен,
Калпакчандар,
Чөлдү көздөй калкууда!..

Көп күн камтып,
Эсенбай бий,
Элге кайтып...
Алдына ак дасторкон жайылтып
Саламчы,
Кошоматчы:
“Аман-эсен келдиңизби
Бий аке!” – дешип жатты.
Сөз ичинде:
“40 байталды сиз жокто,
Нүзүп уул сапырып,
Күлүк бакты! “алмаштырып,”
Дешти терең сыр кылып...

Күлүкпү же чобурбу?
Буруп, ойду жылдырып –
Биз билбейбиз,
Биз акпыз,
Дегенчелик тереңдикке сыйдырып...
Атасы:
“Нүзүп келер” дебатып
Ажайып ич кайнатты.
Түтүн каптап келаткансып,
Кең Итагар аймакты.
Апасына –
Салынды токолуна
“Калиң качан келет!” – деп,
Каар төшөп бек айтты!
Өксүк аял “бий шылдыңга” бөксөрө,
Ыйлап кайтты.

Өтө көп сурамжылап төтөлөп,
Нүзүп деди – мен жетилдим,
Жаш эмесмин көпөлөк!
Сизди таштап койгону,
Мага эркти бербегени,
“Көкөй кескен ойдогу –
Болор иштин болгону?!”

Нүзүп:
- “Жасап койгон,
Буюм сыңар териден,
Өгөй кылып,
Өз баласын жериген
Атаны – Ата дебейм,
Эми мен!”
Деди дагы, ачуу кайнап,
Камчы басты,
Көккашкага элирген.
О, Эсенбей!
Киши барбы өөнү жок?..
Шылдыңдайсың топ ичинде?
Ал шылдыңдын
Жөнү жок!..

Боз үйүнөн,
Ичкериден карт Эсенбай бакырды:
- Балам дебейм деги мен,
Жогол көзгө көрүнбөй!
Алдыңдагы Көккашкаң
“Алтын чычып” береби?
Баскан, турган жеринен?
Андан көрө бакпайсыңбы,
Кырк байталдын пулуна,

Итирейген энеңи сен?!

Нүзүп түтөп, ызырынып:
- Сен курбака,
Куркураган кара жолдун четинен.
Апамдын,
Ыйлап жүрүп нуру кетти бетинен.
Не жакшылык кылдың ага –
Көңүл журтту бекиген?

Ыйлап, туйлап,
Бакырып:
- Мындай кылат,
Сенден туулган “жетимиң!”
Деди Нүзүп,
Ак кылычын булгалап,
үзө чаап,
Эсенбай бий олтурган ичкериде,
Ак боз үйдүн эшигин.

Өчүрбөй жаал баскан жүздөн түгүн,
Андан кийин,
Учук шоона кармабастан,
Өрттөп салды
Апасы экөө

Өз үйүн жашап аткан.
Көрүп турду,
Отту, кара түтүндү
Капкара түн,
Жылдыз – асман.

Тандап алып бийиктерин,
Ишенимдүү жигиттерин,
Мингизип жан апасын,
Көк кашкага.
Ылдам жүрүп, түндү жарып,
Кетти Нүзүп, Таласка
Таякелери тарапка,
Заматта.

Токтобой барат жолдо.
Колуна Ажыбайдын – датканын.
Оо, Кудай!
Колдойм десең өзүн колдо!
Ичте алоолоп күйөт жалын!
Көңүл ачка,
Үмүт ач!
Ачка карын!

... Таластыктар Гүбахтагы согуштан,

Кабары бар болушкан.
Жээнибиз баатыр деп,
Тандап жашыл конуштан,
үй көтөрүп,
үйлөндүрүп коюшкан.
Жашоого атырылып кирди Нүзүп,
Эч ким жок,
Ак жүрөгүн ооруткан.
Таластын кызы болчу,
Апасы, ак жоолукчан.

Барчындар
Канат кере асман сызып
Аксыдан кабар тымтырс.
Күн, айлар өтүп жатты,
Тирдик – ысып.
Жетелеп бурулуштан – бурулушка
Тарыхтын чийип жаткан,
Заңы кызык...

**3. Көккашка баяны**

Оожалган ал,
Кырк байталдын кунунан.
Куйругу чак,
Сыяктанат , жалы – суйдаң,

Көкүрөгү, буттары
Кайып чебер кол табынан бйруган.
Суксур моюн, кенен чат.
Дене боюн жараткандай,
Айдын, күндүн нурунан.

Жалжал көзү курч абдан.
Чуркаганда,
Көк коңндой суналган..
Чабандестин жантыгына жарашып,
Аяк керип,
Жаадан ылдам сызып,
Жеңиштен соң жашыл кымкап жамынып,
Нүзүпбектин ,
Көз алдында сыналган!
Баракелде Көккашка!!!
Көркөм, сулуу, уяң жан!
Чөлгө барса,
Ысып таноо кербеди.
Тоого чапса,
Толкуп аяк сермеди.
Кээбирде,
Так секирип эликтей,
Кээбирде,
Желмаяндай желгени.

Дайра бойлоп,
Көлдү жойлоп
“Күлүк бедөө - мен!” – деди.
Нүзүпбектин,
Ар-намысын эч кимге,
Эч бир жерде бербеди!

Чыккан окшоп,
Чырканактуу чокуга,
Чакты бир күн,
Чыла – чырдуу окуя?:
Чүйдөгү чоң байгеде,
Желе сызды Көккашка.
Ал чакырым алда эле,
Келатканда мекке-пакка.
Кокусунан,
Бурулуштан,
Көтөрүлдү будуң-чаң.
Эңгезердей кара киши,
Тизгинди бура жулган,
Эңкейгенде,
“Колуна согуп камчы,
Буйтап качтым.
Анан эле Көккашканын маңдайына,
Чыбык тартты” - ...

Деп ыйлап,
Жаш чабарман боздоп жатты.
Нүзүп замат түктөйүп:
- “Жубармек!
Ал караны
Таап келсек,
Таанийсыңбы таза. Бек”.
- “Ооба тааныйм,
Жетишинче акыл-эс!”
Деди онтоп,
Көзүн аарчып чабандес.

Жигиттер,
Таап келди жетелеп,
Дегдеңдетип караны.
- Ушул! – деди, кезеп сөөмөй,
Тайманбастан бала аны!

Нүзүп жүзү сурданды,
Борондуу булутка тең.
- Эй, Кара!
Чымын жаның калсын десең,
Эгер сен,
Эл алдында,
Айт болгондой болгонду.

Антпесең,
Тоголонот алдагы сасык  келдең!
Анан каардуу,
Айтты муну :
- Кашканы башка чапкан, заардуу,
Кара желмогуз сен белең?!
Титиреди Кара сүрдөп:
- Ооба, мен.
Көккашканын алдын тос! – деп,
Карабек улук жиберген!

“Күлүгүн башка чаап,
Чабарманын томолот!
Кылып сөпөт,
Жерге... ”* деген!
Нүзүп:
- Эл ичинде,
Ушуну айтып берсең
Кара жүзүң агарат.
Жаның тирүү,
Жүрөсүң сак-саламат.

---

* *Т. Касымбеков, “Сынган кылычтан” бир \з\м: Ф. 1980. 243-46-б.*

Баш ийкеди кара наадан.
Чакчайып көзү алаң
Каранып эки жагын,
Жалтаң-жалтаң.

... Нүзүптүн ireңине кан жүгүрө түштү.
Карабек калың топтун ортосунда турган экен.
Ырчысы жаагын жанып мактап ырдап жатыптыр:

- O, Карабек бекзада,
Башыңда бактың чоң экен.
Атың чыгып барк алды,
Иргелген алтымыш буудан ичинен.

Карабек эки бети тамылжып сыпаа жылмайып,
көзүн сүзө ырды тыңшап турду.
Ырчы коңур жумшак уккулуктуу үн таштап жатты

O, Карабек жаазаада,
Колдогонуң зор экен.
Күлүгүң чыгып даңк алды,

Кылдаган жетимиш буудан ичинен.

Нүзүп шер,
Каны качып, топту сүрүп.
Жигиттери,
Кыска шамшар жаркылдатып.
Билек түрүп,
Дүрдүгүп,
Майдан чаркын бүлдүрүп!
Нүзүп:
- О, балакет,
Кылганың не,
Элдин баркын күйдүрүп?!
Анан тез камчы шилтеп,
Карабектин дал башына үлгүрүп...
Ошо тийди!
Тиер замат,
Кундуз бөркү чаң шимип,
Жатты жерде,
Тегеренип, бүгүлүп.

Ачылды журт арааны!

Ортого апкелишти эрди калбык караны.
Сүйлө! – деди, Нүзүп тике тигилип.

Кара:
О, калайык!
Бу жаман иш,
Карабектин талабы.
Ал буйруду –
Алдыда келе жаткан,
“Көккашканын эбин тап,
Керек болсо башка чап!
Жерге жыгып сал аны,
Күкүмдө үстүндөгү баланы...”

Эл:
- Оо! Кудай ургур Карабек!
- Дардизар!
- Ниети бузук!
- Ак тойду кара кылган жоор эшек!
- Малы – Жаның,
Күйүп кетсин,
Карга –кузгун
Бөрү жеп!...
- Биринчилик байгени,
Бергиле Көккашкага!!!
Бергиле!
Бергиле байгени ак,
Бергиле нак!

Нүзүп албай байге – шертти,
Жүргүлө!
Биз кеттик! – деп
Көккашканы шаңдуу кылып жетелеп,
Таласка жүрүп кетти –
Таңдандырып бүт элетти!

(Т.К. "Сынган кылычтан")

... Нүзүп жерге батпай кубанды үзөнгүсүн кере тээп, обдулуп тура калып:

- Ана, уктуңарбы? Ана! Бул элдин мырзасы ушул ишти кылып отурса (!) Уурусу кайсы жолдордо жүрөт экен. Ана! – деп чартылдап кыйкырды.

... үйүнө барды. Бирпастан кийин эле Эсенбай бий өлдү деп Аксыдан кабарчы келди. Нүзүп үшкүрүп ордунан тура калды:

- Бир жамандык болорун сездим эле... кечээ атымдын башына камчы тийгенде

эле сездим эле. Эсенбай, кантсе да, менин айбатым, сүрүм болчу катыгүн...
Тарт атты!..

Ат аябай күндөп-түндөп жол жүрүп, Кара-Буура аркылуу Аксыга ашты. ... Кара ашына өкүрүп түштү.
Нүзүп атасынын ордун басып, Аксы багытынын бийи болду. (248-б.)

## 4. Жыйын

Ажыбай датка карыды.
Кызыл ээкти
Таштап кетти,
Отуз эки,
Кашка тиштин тамыры.
Жылтыр көзгө,
Эң сүйкүмсүз көрүнөт,
Жаш кезинде жактыргандын бардыгы:
Жазгы гүлдөр,
Айлуу түндөр,
Күрпүлдөгөн өзөндүн жаңырыгы.
А түгүл улуу улуу сөздөр сакталган,
Акыл жыйма сандыгы.

Эми мына,
Сүйлөгөндө күч келип,
Эки тизе,
Ээктен ашып, бүктөлүп.
Жакшылары Аксы, Чаткал, Таластын,
Кеңешмеге бүт келип;
Анын сөзү башталды,
Көн тарыхтан түптөлүп:

- Амир Темир Көрөгөндүн чоң өлкөсү,
Көзү өткөн соң бытырап,
Алчанын данегиндей,
Бирин-бири,
Түртө берди тигиндей...
Бир уулунан Миран Шах,
Султан Мухаммед. Андан дагы,
Абу Саид.
Андан ары Өмөр Шейх,
Башчылыкты улады.
Кийин урап,
Аксы шаарда ал отурган дубалы.
Көгүчкөнгө жем берем деп,
Өчтү өмүр чырагы...

Өкүмдардык

Тийди уулу Бабурга.
Ал чынында болчу акылман,
Акын, ойчул.
Колбашчыга табылга!
Каршы турду Шейбаниге –
Баскынчыга.
Эл сүйбөгөн,
Каары катаал залымга.
Эдилдеги,
Көк Ордодон көтөрүлгөн маймылга.
Бирок, бирок,
Биердеги көралбастык,
Так талашуу,
Бийлик арзуу буларды,
Кактай берди жалынга.

... Күрс-күрс эте жөтөлүп,
Ажыбай датка,
Аздап кымыз көтөрүп,
Ак чыныдан,
Жутуп турду,
Көшөөрүп.

Бул окуя,
Шерали эмес – бардыгын,

Сүрүп турду таңкалыштуу агымга,
Күчү, жиги табында.

Сөз жөнөттү Ажыбай:
- Жыйылган эл сени күтүп жатыры.
Угуп тургун ачыгын.
- Кулак сизде таяке! – деп,
Көз алайтып Шерали,
Тыңшаса да, түшүнбөй,
Сөздүн жорго басыгын...

- Султан Бабыр талпынды.
Аз аскерин,
үй-бүлөсүн корголоп,
Оган жакка чарпылды
О, бапасыз дүнүйө!
Ушунчалык киндик каны,
Тамган жерге баш батпай,
Таман коңр жер табылбайт алкынды[3]!

... Күрс-күрс эте жөтөлүп,
Ажыбай датка,
Аздап кымыз көтөрүп,

---

[3] Колдонуп бүткөн самындын тайкы бөлүкчөсү.

Ак чыныдан,
Жутуп турду,
Көшөрүп.

“Өзүнүн токоюнда,
Жолборс жүрүп ачка өлөт.
А тобокел!
Көз көргөндү – баш көрөт!” –
Деди Султан табагына таш бөлөп...

Ушу саатта,
Жаш аялы Сейде-бак,
Толгоо тартып, апа-аа! – лап,
Долононун түбүнө,
Төрөп койду. Суу ташытып чакалап!
Ушундай тар убакта,
Тагдыр не деп аталат?!

Уул экен, нурдан жүзү жаркыган.
үнү шаңдуу, Ала-Тоого калкыган!
Чоң боз үйдүн ээси болмок,
Жоо куубаса артынан.

Шашыл –Ата,
Шашыл – Апа.

Баласыз,
Дүйнө ката!
Не болушу билинип,
Өмүр турду,
Турду өлүм,
Кызыл, кара ичке жипке илинип...

Ала кетсе бөбөктү,
Ат үстүндө урунуп –
Өлүм!
Таштап койсо бөбөктү
Түлкү, чөө, карышкыр,
Күм-жам кылат сугунуп.
Өлүм!
Балким адам келип калар,
Бала үнү угулуп?

Эне көздөн жаш акты!..
Ата тарты азапты!..
Тоо, дарактар үңкүйүп,
Жер түнөрүп баратты!..

Анан Султан чыйралды –
Көрөбүз Парбадигер буйругун.

Алтын –бешик, сенин атың,
Сенин тууруң!
Кош манжасын бириктирип,
Ымыркайдын маңдайына тийгизип,
Сөөмөй учун өөп койду,
Бардыгынан жакындыгын билгизип...
Анан чечти,
Алтын, гаухар чөгөрүлгөн зер курун.
Аны бекем байлады,
Бешигинин белине
Деп күбүрөп – “Тагдырыңы жерибе?!”
Тулпарына ыргып минип,
Кетти жетер жерине!

Ошо кечте
Күн кызарды алоолонтту чарасын.
Ошо кечте,
Бир жылкычы
Көрүп жайлоо арасын,
Жылкы отоо талаасын.
Таштуу жолдо,
Тизгин тартты, токтой калып.
Бөбөктүн угуп чиркин ыңаалаган –
Тыңшап адам баласын.

***

... Күрс-күрс эте жөтөлүп,
Ажыбай датка,
Аздап кымыз көтөрүп,
Ак чыныдан,
Жутуп турду,
Көшөөрүп.

Сөз жөнөттү Ажыке:
Миң уруунун жакшылары
“Алтын бешик”, “Гаухар кемер” –
Жөн эместир бу дешип,
Ой сылады.
Алтын бешик ат коюп
Жаңы төрөгөн аялга эмчектешип
Бактырды.

Кийин... кийин...
Султан бабыр – индустандын падышасы
Алтынбешик – өз баласын
Элчилетип, көп издетип утуру,
Сурамжылап тапшырды.
Бирок эл,
Бизге дагы керек дешип,

Султандын бир тукуму,
Калк санаасын жап кылды.

Ажыбай датка:
- О, Шерали уктуңбу?
Сенсиң ошол,
Алтынбешик тукуму –
Төрт аялдын биринен.

Ажыбай датка чарчап
үргүлөдү,
Ой калчап...
Көзүн жумуп.
Кыяктанып
Көлчүктөгү бакабалчак.

Сөз өндү:
-Оо кийин
Шайбанинин тукуму,
Абдулмомун,
Бухаранын өкүмдары
Парганыны чаңдатты
Элди чапты
Кайра кайтып Бухарага баратып,

Ордо кутумдарынан,
Өзү да каза тапты.
Ошентип,
Хан Шайбани тукуму
Эшик жапты...

Алтынбешик жетиптир балакатка,
Бон керип!
Эл кеңешип тындырган
Төрт башка уруудан
Төрт кызды алып берип.

Улуу зайыбы Кулухан,
Төрөптүр Теңирярды –
Кан өндүрүп,
Султан Бабыр уругунан.
Андан бери.
Күндөр жортуп,
Айлар тогоп,
Жыл айланып...
1597-жыл жылып,
Теңиряр чоң бий болду,
Алтымыштын кырына дайин чыгып.

Теңирярдан башталган,

Нарбото бийге дейре,
Алтынбешик тукуму,
Он үч башчы өтүптүр,
Дүркүрөгөн толук элде!

... Ажыбай датка чарчап,
үргүлөдү,
Ой калчап.
Көзүн жумуп.
Сыяктанып,
Көлчүктөгү бакабалчак.

***... Т. Касымбеков***
***("Сынган кылычтан")***

"О 1760-жылдарда кытайлар Кашкарды басып, андан бери жунгар калмактарын катуу кырып, быякты карай түргөн. Калмактардын өлгөнүнөн калганы жаңы жер бошотуп алыш үчүн Фарганага самсып кирип келген эле. Алтынбешиктин балдары ошондо ишке жарайт, ошолор жол баштап, ошоллор кол баштап, калмактардын селин токтотуп, үшүн тайдырып, башка тарапка оодуруп

жиберип, ошондо барктары катуу көтөрүлөт. Эң акыркы Нарбото ичтен чыккан, тигиндей тыштан кирген жоого туруштук бере ала турган бирдиктүү ордо уюштурмакчы болуп, 1801-жылы тун уулу Алимди ак кийизге салдырып Хан көтөрттү. Ошол күндөн Кокон ордо аталды.” (217-218-беттер)

Алим Хан жөнүндө эл:
Чагылгандай жарып чуу,
Ташты кескен Алим Хан.
Ташкан суудай кайраттуу,
Агып өткөн Алим Хан.

Каззынанын күчүнөн,
Аскер баккан айбаттуу.
Тиктесе жан үшүгөн,
Тили өткүр кайраттуу.

Акылы төп, айлакер,
Кишиге бат ишенбес.
Кылыч менен чеп курган,
Өрт, кыялдуу макоо – пес.

Талашат деп тактыны,
Аябаган тууганын!,
Канын азаматтардын,
Аргымактын туягын.

Ичи сараң, жаны шер,
Жаалданган кан ичер.
Ат үстүндө уктаган,
Аттан түшпөс Хан – жоокер.

Алим Хандын тушунда,
Кокон өрттөй күч алды.
Тоо-тегизи биригип,
Толгон оттой тутанды.

... Нарбото бийдин көзү өткөндөн кийин ал Алим Хан кокустан такка мураскер болуп чыгып калатко деп кичине эле шектенген алыс-жакын туугандарынын көзүн жойду.

Ал биринчи болуп, угуп отурасыңбы, жарыгым, сенин атаң Хажи бийдин башы кетти.

Шерали селт деп карап, көздөрү чекчейип...

-Хажи бий менен Нарбото бий атасы бир, энеси башка бир тууган болучу. (218-бет)

Ажыбай датка:

Ошол ордо тополоңдо
Карындашым – апаңды,
Алып кеттим,
Сени өңөрүп, билип мен.

Эл дүрбөп түйшөлө,
Эми көрүп жаткансып
Шералиге таңыркашты –
Эң жупуну кийинген.

***

... Ажибай датка-көсөм,
Сөзүн ары улады:
Хандардан, көздөрүнөн,
Кара журттун кулагынан,
Алысыраак сени бактым чырагым!
Асырадым!
Түбөлүктүү нерсе жок.
Алим Хан оо дүйнөгө өтүп кетти.
Эми тактыны ээледи –

Бир тууганы Өмөр Хан.
Ал улады Алим Хандын кылганын –
Хандык чекти...
Эң биринчи Алим Хандын
Эр жетип калган уулу,
Жайлады Шахрукбектин –
Башын кести.
Ибрагим бек,
Мурад бекти,
Ала качып энеси,
Самарканга алып кетти?!

Жылып заман,
Өмөр Хан,
Дүйнө салып, ал өттү.
Такка отурду,
Анын уулу – Мадали
Жаны кермек, жолу дөмпөк,
Ачуулуу, чыргоо жинди,
Шарият урган катынпоз,
Шарап – эрмек, тиртеңди,
Кошоматчы – шылуундар,
Дал мойнуна дароо минди.
Кокондун Мамлекети – Арал деңизге,
Бир жагы Бадахшанга,

Жети шааргa, -
Кашкарга,
Кулач жайып, барды эле.
Атаны көзүң аккыр!
Акылы тайкы, кем неме...
Аталары улуу эмгек менен курган
Дөөлөттү,
Күм-жам кылды, чачып желге?
О, көр пенде! Көр пенде!

... Ажыбай датка чарчап,
үргүлөдү,
Ой калчап.
Көзүн жумуп.
Сыяктанып,
Көлчүктөгү бакабалчак.

Улады сөз учугун:
Хан.
Бийлик эмес,
Башчы болуш керек көсөм,
Жол баштаган туюктан.
Бүт кыймылы эл мүдөөсүн туюнткан.
Жетпегенди жеткирип,

Бүтпөгөндү бүткөрүп,
Эли менен түш бөлүп
Жетимдерди сактай алган "Сууктан!",
Эл эсине акыл сүтүн уюткан.
Мадали кесир дымак – чүрүш жан,
Атасынын ойношуна дили учкан.
Бухаранын амири,
Насурулла батыр – хан
Кокон шаары жанында,
Мадалинин колун жанчып, кыйратып,
Коконго түз кириптир.
Атасы Өмөр хандын сулуусуна,
Мадалини "шарият уруп,"
Азгырылып тийиптир!..
Деген имиш кеп менен
Жамандыкты үйүптүр?!

Шарияттан чыккан,
Мадали хан – кара бет –
"тактыдан кет!"
Деп урушту салыптыр.
Дин урганды эшигинде Ордонун,
Тике мууздап,

Кетпес күнөө тагыптыр[4].

-Таяке... Мен жалгыз кайда барам?..
-Жүрөксүбөй тур балам!
-Аксы, Чаткал, кең Талас,
Бүтүн сенин колуңда.
Күтүрөгөн зор жоокерлер,
Даяр турат жолуңда
Төрт тарабың кыбыла
Мен күткөн,
Мезгилдин табы түштү кынына!
Ажыбай оң жагына
Жаңсады:
-Мына Аксынын Гүлбахта
Согуш көргөн,
Душманын жеңген баатыры –
Нүзүп бийи. Мамлекеттин ийиги.
Сол жагына жаңсады:
-Мына!
Таластык, сен тааныган Сыйдалы бек.
Кол башчың да,
Жол башчың да ар бири!

---

[4] Т. Касымбеков, "Сынган кылыч", 220-бет

***

Ажыбай Нүзүпкө:
Баштаган ишиң, таш жарганга барабар.
Кыян жүрүп,
Кан агар...
Сак бол, так бол.
Акыйкат сен тарапта.
Жерибизди, элибизди,
Коргоп калуу,
Боло бербейт заматта.
Ордо ичинде сук адамдар абдан көп.
Көп учурда,
Жооп бербейт талапка.
Сүйүнөөрүң эл, демек,
Сактай билет канатка.
Кичинени талашпа.
Сабырдуулар жеңип чыгат адатта.
Сүйлөшөбүз сөз ийип,
Көп нерселер ойдон түшөт заматта.
Колдоп турсун аталардын арбагы!
Оомийиин!
Шералини силерге тапшырдым.
Түз жолуңдан адашпа?!

-Аллау акбар!
-Аллау акбар...
Дирилдетти толкун күчү,
12 канат үйдүн ичин.
Дирилдеди,
Көтөрүлгөн көк түтүн.

"... Нүзүп тирмейген тик көздөрүн сүзүп, ийилип, Ажыбай датканын колун кош колдоп кармап акырын тооп кылды: Өзүңүздөй көрүңүз бизди – деди ал."

Т.Касымбеков, "Сынган кылыч", Ф. "Мектеп" басмасы 222-23-бет.

**5. Хан көтөрүү**

Асман көк.
Жалтыр, тунук.
Ар жерде калкып барат,
Кечиккен аппак булут.
Тегеректи тең камтып,
Тоолордун ак чокусу
Керилет моюн сунуп.

Бериде зор капчыгай,
Жашыл өрөөн.
Жашагың келе берет,
Карап туруп!
Шаулдайт тунук өзөн,
Толкунун – толкун жумуп.

Керемет жайда Аксы,
Көңүлгө дагы жакты.
Бир кезде Нүзүп жүргөн,
Кыялар токой шактуу.
Дүркүрөп өскөн гүлдөн
Агат жыт, кыял таттуу.
Бу жерге биз келгиче,
Өтүптүр ошолор ааламаттуу!

Чоң майдан. Кенен жайык,
Боз үйлөр көздөн тайып.
Аттар жык байлап койгон,
Көк тектир төшүн жайып.
Айланада арыда аарынын уюгундай,
Ак чатырлар, көкүрөгү жагжайып.
Кошун эмес, корук окшоп гүл бакча,
Көрүнүшү ажайып!

Тиерде жашыл дөбө,
Чоң боз үй, сыңары аппак кеме!
Катарында көк, кызыл, жашыл желек,
Береке кошулгансыйт берекеге.
Чууруп чыкты,
Ичинен Аксынын жакшылары –
Нүзүп бий Мусулманкул,
Абил бий, Бекназар, Кедейбайы –
Окшоп баары
Кыргыздын бүгүнкүсү, келечеги.
Ичине тартып турду элдин деми.

Ошол доордун кайраты,
Жээнтеги.
Улуктардын нарагынан,
Шерали жалжайып күлүп келди,
Көрүнүшү калети:
Канатын “жулган таан”.
Көң чокойу,
Кең чапаны,
Түлөгөн тебетейи андан жаман...

Кернай! – деди Нүзүп шүк,
Курч көздөрү айлананы,
Тилип тик!

Ошо саам зор күч менен,
Күпүлдөгөн,
үндөр бийик атылып,
Тоо козгоду,
Топту бери чакырып.
Аркасынан сурнай, чоор, добулбас,
Шарактады сүрмө үндөр чачылып.
Титиреди Шералинин көөдөнү,
Аккан талдай, тамыр жагы,
Суу астына басылып.

Аппак кийиз апкелишти орто жайга,
Аны жазып салышты.
Бир топ бийлер,
Күңкүлдөшүп, шыбырашып,
Карбаластап, чаңкап шашып,
Калышты, үркүп жүргөн кийикче.
Кедейбай бий аттан түшүп:
-Бүттү. Баары даяр Нүзүке! –
Дегенинде,
-Анда алып келгиле бат тигини!
Шуу этти буйрук үнү.
Жадыраган Шералини
Жетелеп,
Алып чыкты чатырдан

Чепкендин белин курчап,
Эскирип, түшкөн түгү.
Жууп койгон жумурткадай,
Таза, ак,
Кийиз салып эл тиктеген ортого,
Адамдардын ишенимин кайнатышты,
“Шорун кошуп шорпого!”
Антпегенде, ылжайган бул Шералиден,
Чечилеби мамлекеттик көйгөйлөр?!
Антпегенде, туруп келмек шейттер,
Түбөлүктүү уктап жаткан гөрлөрдөн.

Акыйкатты көгүчкөндөй карманып,
Дал ортого “караңгыга” түшүп көр!
Эл жаңылып, өзү кошо жаңылып,
Тозок жолун жасабатат Нүзүптөр.

Акылы жок Ханды таап,
Өгүз окшоп жанды саап,
Өңгүрөштү тоолук тарап,
Абийирине кештелүү жоолук жаап...
Көздөрүн алайтышты,
Акыл нурун карайтышты,
Күбүрөшкөн жалаң черүү эркектер.
Билбестен,

Не болорун нес коюп.
Баратканын, эртеби же
Кеч болуп.

Сөз "Сынган кылычтан":

"Аваз кылган эл туш-туштан кысып келишип, ортод как жарылып жол коюшуп, колдорун бооруна алып таазим кылып, күңгүрөп салам беришти, ээрчип чуркашты.

- Ой... кайсы?.. Кайсы, ыя?..
- Тигине беле!..
- Бутундагы көң чарыгын карачы...

Кудаа... Көктөлө берип көң чарыктын уурттары түйрүлүп кетиптир...

- Хи-хи...
- Секин!.. Тамагыңдан каның алынып калып жүрбөсүн...

Дүүлдөп тоскон, тапырап ээрчиген көпчүлүктүн арасынан Нүзүптүн азезилдей сак кулагы бул сөздөрдү илип алып баратты. "Куп болду. Эл көрсүн. Шералини кандай кейпинде, кимдин күчтүү колу желкесинен көтөрүп барып ак

кийизге салганын көрсүн. Укумдан-тукумга сөз кылсын”, - деди оюу.
Бийлердин катарында турган Абил:
- Ашыр! – деди артына карап.
Шашып башын кызыл жоолук менен таңган кызыл жүздүү, жылдыздуу, шыптай жигит жүгүнүп келди.
- Лапай, Абиш – деди аптыгып, жигит Абиши кайда шилтесе ошол жакка дикилдеп кызматын кылууга учуп-күйүп, көздөрү жайнап турду. Абиш аны колу менен көрсөтө берди.
- Чалгыла! – деди. Жанагы баланы ортого алып турган эки киши жигитти шап кармап калышты. Жигит жулкунган жок, нес боло түштү.
Иреңи заматта купкуу болуп кетти. Эриндери титиреди. Эмнегедир эки көзү Абилден өттү. Абил аны тиктебеди, оозуна эчтеме кирбей, жигиттин башы каңгырады. Кернайлар кайрадан айкырышып, дабылдар кайрадан дүңкүлдөп кулак тундурду. Өлүм! Өлүм! Капыстан бетме-бет чыга түшкөн өлүм

кызыл жүздүү жигитти апкаарытып таштады.

- Аллау акбар! Аллау акбар! Чултандын жолуна... Аллау акбар!.. Чилтендердин жолуна... Аллау акбар – деген кобур үндөр кулагына урунуп тегерегиндеги кишилердин жансыз, ырайымсыыз тырышкан кабактары көз алдынан көчүп өтө баштады. Бири дагы аны тик багып карабады...

- Коркпо!.. Коркпо... Эчтеме болбойт... Эчтеме болбойт...

... Күчтүү колдор эки колун артка кайрып бек кармады. Дагы бир күчтүү кол анын али түк чыга элек ээгин капшыра кармап өйдө тартты, чоюла түшкөн тамагына муздак, курч бирдеме келип тийди, колтук эти титиреп кетти.

- Апа!..

... Кернейлер үн баспады. Дабылдар кандуу салтанаттын сүрүнө сүр кошуп жер чайпап дүңгүрөдү.

... – Аллау акбар... Аллау акбар...

Кардай меңсиз ак кийиздин бетине армандуу кан ар түрдүү көчөт, кызыл

гүлдөр болуп жайнады. Нүзүп бир колтугунан, Мусулианкул бир колтугунан алып, акырын коштоп келип, Шералини Ашырдын канжалап жаткан шордуу башынан аттатып, кийиздин үстүнө өткөрүштү.

- Бактыңыз кут болсун! – деди Нүзүп.
- Бактыңыз кут болсун! – деди Мусулманкул.

Шерали эмне дээрин билбеди. Кернайлар айкырып жатты. Дабылдар тынымсыз дүңгүрөдү. Шерали туштуштан кысып келип куттук айтып турушкан ак сакалдууларды, бийлерди жалжайып тиктеп, былбырап турду.”

(Т.Касымбеков “Сынган кылыч”. Ф. Мектеп, 1990. 224-229-беттер)

Шерали хан ойлонду бирткеден:
Менин түбүм Алтынбешик –
Тоодой бекем!
Бабаларым тамыры алыс кеткен.
Бийлик, байлык жылкынын
тезегиндей,
Өзү эле тоголонуп келет экен.

Кереги не көп элдин баш урганы?
Шаар курганы, суу бурганы нечен-нечен?
Курсак тойсо болду да,
Жүргөн жакшы аман-эсен.
Чымынчалык кирбептир эс – конушка,
Тууган эл, Турук жайы – Ата мекен!

О Шерали,
Аталабаш!
Оңой бекен,
Кыргыздын сулуу жигитин,
үстүндө ак кийиздин,
Мууздаш?!
Сен келесоо – нааданды,
Хан көтөрүп,
Кандуу башты аттатып,
Кимге? Кимге?
Кимге керек?
Бул жашоону улуулаш.
Хандын уулу Хан болот! –
Деп чийишкен арам мыйзам,
Туз бийлердин,
Көзү жаман, боору таш!

“Карсылдашып атарга,
Кара мылтык колдо жок,
Калкыңды кантип тозосуң?
Камчысы түшсө көрбөгөн,
Карама көрдү кошосуң?”
Деп ырдашып жүрбөсүн,
О кийинде муундар.
Сөлбүрөйт ко,
Салбырайт ко мунуңар?
Дегенчелик,
Баш чайкады сынчылар.
Демек элдин,
Жүрөгүндө сыры бар...

## 6. Жортуул

“Нүзүп башын ийкеди

- Ыракмат, үкөм! Билгиликтүү кишинин ишин кылдың. Ыракмат, үкөм жүзүнчү кишиң үчүн чоң ыракмат.
- Сиз үчүн ат токур жигитим эмес, өзүмдүн башымды аябаймын, бек ага...
- Карымжысы кайтып калар, үкөм. Кулак сал, сен бул жортуулда туу башы

болууга арзыдың. Туу башы паңсат бол. Колдун алдына түш. Уктуңбу?

- Куп болот, бек ага!

Ушундан соң Нүзүп хан атынан өзүнүн биринчи буйругун берди.

- Бийлер, мына хандуу болдук, баштуу болдук,

- Токтоосуз жолго камдангыла эми. Урушта туруш жок. Аттанабыз. Бүгүн эл орунга отурганда аттанабыз. Түндө жүрөбүз. Артык баш опур-топур болбосун, чуу болбосун. Жыландын куйругундай гана эч кыбыртсыз тууну ээрчигиле. Уктуңарбы? Бул кашыңарда отурган Шерали Хандын акылы...”

(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”. Ф. Мектеп, 1990. 231-бет)

Жел сокkондой сыдырым,
Жердин таштап оюн-кырын,
Буудан атты дүпүрөтүп,
Жоокерлери күндүз уктап тунжурап,
Түнүндө жоортуп тымызын.
Көпчүлүгү көөнө Чуста,
Чаңып учма.

Калгандары даркан жолдон,
Нары ашып Ташмойноктон.

Түмөн аскер түтөп агат,
Түнгө чачып уйкусун.
Тоо ичинде сүйрөп барат,
Түгөнгүс зор тулкусун.

Коңултуктайт Кокон багыт,
Бороон чалып көчмөн журтун!
Уйкусурайт арыстандар,
Күнүң жетти. Тур! Булкун!

Нүзүп жолдо,
Чөгүп ойго,
Терметип акыл күчүн:
"Шерали Хан,
Как куурайды жаккан түтүн!.."
Мен киммин?
Жүрөгүмдүн түпкүрүндө,
Тагдырымы салып күүгө,
Эл-журтумду, ала-Тоомду
Коргош үчүн!
Жоготпой акыйкатты,
Сулуулукту,

Чындыктын адал сүтүн.
үлүшүн.

***

Чабалекейдей чаргып төнөт,
Чалгын, тыңчы, куугунчу,
Түнү барып,
Түнү келет,
Кабар берет,
Аңдышып булуң-бурчту...

Кылычыңы жаркылдаткын,
Кылкылдатып найза учун.
Ар-намыстын отун жаккын,
Алоолонто жүрөк тушун!

Муундарды келечекке
Багыттайлы күч берип.
Өсүп жетсин бийик чекке,
Улут кору түптөлүп.

Даркан өзөн – кичи дайра,
Айыл көркү чубалып,
Тоолуктарга кубат байла,

Нүзүп жүрсүн кубаныл.

Доорлорду алаксытып,
Алга карай уч заман.
Асман бүркөк, кабак чытып,
Зарылдыкты кыстаган...

***

Зың-зың ырдайт үзөнгүлөр,
Бөрү көздөр түз карап.
Адамдарга жарык керек,
Түнөргөндө туш тарап.

Алды жакта тополоң – Чер.
Аңдып жылат жоокерлер.
Сапарыңдын сааты жеңиш,
Башчың болсо кеменген?

Акыл күүлөп, акыл черткен,
Ашуу ашып, суу кечкен –
Колбашчылар, казык менен,
Кырды түзөп, тоо тешкен.

Биргелешип кеңеш куруп,
Ойду калчап ченеп туруп.

Кайнайт калың маселе,
Бири ысып, бири сууп...

Кокон... Кокон... Кермек Кокон,
Кылган иши “суу - топон”
Жүн уясы кутумдардын,
“Такты сырдап, килем соккон”.
Жакшыларды түрткөн жардан,
Хандын башын тоголоткон,
Балекеттин баарын баштап,
Суу ылайлап жогороктон...

***

Акыл сактап, жолду тактап,
Жортуулда тоолуктар.
Кирди душман Ордо ичине,
Мыйзам бычкан желуптар?
Башкалардан башкачараак,
Элдин Мекен орду бар!

Шералинин канын жактап,
Душмандардарды ыргытууга,
Келе жатты тоолук тайпа,
Акыйкаттын сынында.

Алдыңкы сап ыргап туусун,
Атырылды согушка.
Эртеңки күн жаркып турсун,
Биздин Ата конушта!
Оомийин!

7. Эстүрүм

Баатыр,
Күлүк – чапкан ат,
Экөө бирдей даңкталат.

Нүзүп,
Бедөө Көккашка.
Бири-бирине төп – машта.
Ансыз чымчык болобуз,
Конуп турган көкташка.

Манас үчүн Аккула,
Түгөнбөгөн бакты да.
Эр Төштүктө, Чалкуйрук
Бир түштү жер астына.

Болбосо тең – кош дүйнө,

Жаркын өмүр – бош мүлдө.
Ушул кыргыз акылы,
Жашап келет түпкүрдө.
Акыл – жокту таптырат,
Канат чыны жакшы ат.

Кыргыз түктүү кабарга,
Ат мингизип чаптырат...
Ат менен Тоо – Мекениң,
Жарашыктуу – унутпа.
Жетсең дагы бейишке,
Аттын демин суутпа.
Эсенбайдын айтканы –
Эссиз сөзү баланын.
Көрөм десең Нүзүптү,
Ат үстүндө карагын.
Анык шер деп бүтүрөбүз,
Айтып сөздүн аягын.

# МАО

***(Сөз тиш врач Майрамбек жана жубайы Гүлбара жөнүндө)***

Майрам күнү төрөлүпмүн.
Атам, апам,
Майрамбек деп ат коюшуп салыптыр.
-А тиги Мао деген кошмо атчы?
Шону тапчы?
-Мага деле жабык сыр.
Кантип калсын эсимде?!
Дал экиге чыгып калган кезимде,
Чоң атабыз Жаанбай,
Өз үйүнө алыстагы,
“Мен багам!” – деп өңөрүп,
Алып кетип калыптыр,
Көңүл күүгө катылып табышмагы...

Топ бөбөктүн ичинде,
Тынбай чуркап,
Жыгылсам да тура калып каткырып,
Тал чыбыктан,
Такыр түшпөй “ат кылып!”

А тигилер кылыгымды жактырып,
Ойноп жүргөн экенмин.
Чоң атамдын короосунда "шекермин!"
Тили жатык чыгып-чыга элек чүрпөлөр,
Майрамбек деп айталбай,
Мени ээрчип келишип,
"Мао!" "Мао!" дешип
Төп тилине салыптыр,
Чыгаралбай узун сөздүн этегин?!

"Чоңдор" муну,
Угуп алып күлүшүп,
Эркелете "тийишип",
Өздөрү да айта берип,
"Мао!" атты,
Моюнума илишип.
Мао деген угумду,
"Түн ичип да, күн ичип."

## 2.召Мединститут кылаасында

Армияны,
үч жылда өзөрүп өтөп келдим,
Карт бөрүчө кайкаңдап.

Ичинде онунчуну
Бүткөн "селдин!"
Мединститутка үмүткер,
Арыз бердим,
Тагдырымы,
Шыбак чөпкө аркандап.
Түндөсү Фрунзенин,
Көчөсүн жортуп-желдим,
Жолдун чаңын майкандап.

***

Жетелеп тагдыр – өткүн,
Биринчи курска өттүм!
Суудан четке сүрүлгөн,
Как жыгачтай,
Качан эле ажыраган дүмүрдөн.
Өзүмчө ойго чөктүм...
Жекеленген турмушума олдоксон –
Карт илбирстей жашым чоң!

Окуу күндөр.
Кырчын жаш,
Айланамда өспүрүмдөр касканактап.
Бири-бирине батышпаган.

Бүжүрөшүп, жан сактап,
Тоо балдары чочуркашат,
Топурашат далбактап.
А мен болсо
Ар кыл ишти чекесинен шак кармап,
Тажырыйбамын тамырында,
үйрөнгөн калыбымда басам так.
А бирок!..
Ыймандай айтсам чынын –
Жүрө эле берипмин
Кур шамалды айдактап,
Окуудан жок...
Ошо сыр,
Өйкөп барат ич "жалмап!"

***

Кой! – дедим,
Өзүмдү – өзүм желкелеп.
"Чегинүүгө не себеп?!"
Күлүктү таптагандай,
Сарыбай абам чарчабай
Эртеден кечке дейре,
Чаалыкпастан жетелеп.
Окуу зарыл!
Башкалардан эселеп...

... Ал кез эле,
Куу чеңгели солдаттын,
Көкүрөктөн кете элек!

Ушундан баштап эми,
Күз жели шыпыргандай жалбыракты,
Мисирейдим!
Таштап – базар дос – жарды.
Көздөрүн жоодуратып,
Жолдо жүргөн кыз калды.
Бек тарттым,
Каалоомдогу сунуштарды,
Пиво, башка улуктарды
Шымды, ички ыштанды.

***

Мен эмгектин байкап калдым татымын!
Айдан – айга,
Жылдан – жылга,
Өйдөлөдүм акырын.
Көлөкөлөп китептердиин,
Коноголуу чатырын.
Ар бир сөздү, чекиткече төтөлөп,
Ой түбүнөн,

Таба бердим басымын!

Жылдар акты,
Тоолордогу кош өзөндөй тең туйлап.
Жаз келгенде шаркырап,
Күз жеткенде кылкылдап.
Алтын менен күмүштөрү,
Акактары жылтылдап.
Коңур жели шуулдап, -
Мөмө ыргап.

**3. Жар**
Тагдыр берен,
Кызга окшош,
Маңдайында жарашыктуу көкүлү
Түз сыяктуу өтүмү.
Өз жолунда,
“Бара-бара түздөп барат көчүңү...”
Жигит кездин,
үмүт, тилек,
Токтом жолу ар башка:
Биринчиси үйлөнүп.
Анын заты үй-бүлө.
Бири-бирине умтулганыы жарашкан!

Төбөңөрдө бак жылдызы үйрүлө
Терезеден ак нур төгүп, таң аткан.
Экинчиси – бала көрүү,
Оттой жанып кош жүрөк!
Жылмайганы элжиретип,
Көңүл төрдө,
Койнун ачат кош түнөк.
Ата-энесин бирдей таанийт,
Кош сулуу көз мөлтүрөк.
Ушулардын кошуусунан укмуш күч,
Келечек үн – дүңгүрөк!
Эшик ачат,
Жаңы жан, жаңы кадам,
Жаңы сезим дилдирек.

***

Өткөндөрдү эстесем:
Майдын майрам күнү болчу,
Бүткүл жаштар көңүл күүлөп,
Парадка кеткен жолку.
Студенттик жатаканада бирикме
Жаныбызда бар эле
Кыз бөлмө бизге коңшу.
Кандайдыр бир жыпар жтты аңкыткан,
Дал ушул кыз конуштан,

Күмүш күлкү шыңгырап,
Көңүл бийлейт арзыткан
Дайыма,
Агып турчу шаңгыр шаң.

Досум менен,
Бир ишке келе калып бул арада,
Такылдатып эшик ачып,
Муну кара
Жолуктук ыйлап турган Гүлбарага?!
Заматта,
Түшкөндөй колдон чырак,
Төгүлдү “майрамдымак”
Алдыга чыга калды,
Намыстуу жигит сынак!

Кокустан кайнаган суу шаркырап,
Колуна төгүлүптүр.
Кызыл көз кырсык-чунак,
Оорутуп кыздын жанын!

Таштап баарын,
Өчтү эми майрам – жалын.
Ичине кирдик анан,
Мээрим – айлампанын...

Сүрөткө түштүк,
Түштөндүк.
Көрктөнтүп Фрунзе шаарын
Бирге бастык.
Досум сыйды мага ыйгарат.
Мен тастыктап жаткандай мунун баарын!
Шайкеш келип гүлгүн жаштык,
Жаңырта көк майсаны,
Козголду сүйүү табы.
Жүрөккө туюмдады,
Наристе, тунук жагын.

Кийн сулуу Гүлбара,
Колукту болуп мага.
Студент достор коштоп,
Той өткөрдүк кафеде,
Фрунзеде.
Толтуруп көңүл черин тамашага.
Андан соң
Бирге түшүп,
Тагдыр аттуу таразага.

***

Өткөн күндөр,

Арык толуп аккан суудай,
Албан. Жык:
Мамлекеттик экзамен.
Тиш врачы болду деген,
Наам алдык.
Көк дипломдуу кесип – жарлык,
Колубузда, эң таңсык.
Андан соң,
Булуттардын үстүндө,
Эркин калкып самолңтто,
Бара жатты күнөс Ошко,
Окшоп баары жомокко.
Улуу тоого кабар жетип эң ысык.
Күйөө бала,
Жары – келин Гүлбара,
Жогорку врач экен! –
Деп элетте,
Камынышты тойго кызык!

Жаздын айы – жашыл шайы.
Бүт жагыбыз жайнайт дарбып,
Толуп-ташып жарашык.
Көпөлөктөр, аарылар,
Жер гүлдөрүн талашып.

**4. Иш**

Турмуш бийи башталды.
Көрүнөт көп нерселер
Түшүнгөн, түшүнбөгөн.
Кемедей сууну жарган,
Күндөрдү араладык,
Жаштык күчү күжүрмөн!
Опур-топур адам көп,
“О, кокуй!
Оорубайт тишим!” – деген,
Аары уюктун ичинде мен,
Тынымсыз күжүлдөгөн.

Акылгөй чоң атабыз
Жаанбай,
Минтип айткан сөз терең:
“жети атада Жымаке
Улуу табып болгон экен.
Ошонун даражасын
Кудай даарып,
Бактыбыз доолбас кагып
Сен аркылуу келиптир
Кайталанып!..”

***

үй-бүлө,
Доорун сүрө,
Такшалдык.
Жылмаландык, устанын колунда жүргөн,
Тактадай ранда сүргөн.
Келип үйгө,
Чыгып үйдөн,
Жумушка саатты түргөн.

**5. Жөө жарыш**
Ушундай да болот экен:
“Аялы да,
Өзү да,
Спортсмен”-
Деген сөздөр уу-дуулап,
Баш врачка тез жеткен!

***

Тең катыштык жар-түгөй,
Жүгүрүүгө.

Волейболго.
Баскетболдо.
Тенниске.
Карабай оңгң-солго.
Тердеп-кургап күнүгө!
Сынак арбын.
“Азамат!” – деп алкап койсо,
Жата калып суу ичип,
Так секирип түйүлгөн.

Спорт экен,
Гүлдүйнө!
Жүрөк – мотор,
Ар-намысты,
Сүрөп кеттет алгалап.
Мелдеш – күүгө.
Жеңсек – жарык бүт – мүлдө!
Жеңилген калат “түндө!”

***

Узатсак суроо кепти –
Аял-эркек түгөйлөр,
Жөө жарышта бирige
Чуркаганы керекпи?
Ким ойлоптур?

Дал ушу балекетти?!

Бириге ырдаса болот!
Же бириге бийлесе,
Комуз чертсе ансамблде,
Жана... жана...
Биргелешип тепсе чана.
Коошпогон,
Мына бул алаңгазар,
Буйрук чала...

Ушул терс – буйрук үлүш,
Бир чоңдун "сунушу" имиш?!
Бу не деген,
Тескери атка миниш...?!

Кыскасы –
Зуулдап алга кеттик!
Бул арада
Кардагы кызгалдактай кызарып,
Чуркап барат Гүлбара.
Баратып айтты муну:
Майрамбек!
Жүрөмөн деп мени алга,
Боло көрбө убура.

Мен десең,
Жаның үрөп жетегөр
Алдыдагы,
Узун шыйрак балага!
Ишеними жарымдын,
Канат мага!
Бүргөдөй ыргып жеттим,
Оюн сала –
Марага!

Дал ошондо,
Гүлбаранын сөзүнөн кайрат кирип,
Эки буттун кубатын,
Бириктирип,
Алдыга озуп чыктым ээ!
Сыякта “киши кийик!”
Биз болдук эң бактылкк,
Эң бийик!

**6. Велсипед баяны**
Азыр кылар кызматым бар.
үй-бүлөм.
Бала-чакам.
Өткөндөргө,
Учкан куштай кайрылып,

Ой сыдырам,
Кыялга батам...

... үйүбүздө он үч бала.
Кийиндирип, ичирип,
Кантип эптеп бакты экен,
Зайнидин – атам,
Малике – апам?!
Мээримин бөлүштүрүп,
Баарыбызга тепе-тең?
Чарчап күндө бүлүнүп,
Таң аткандан кечкечең!

Биз эмгектин буроосунда эзилип:
Окуп. Тамеки чаап – тизип,
Чөп оруп. Отун жыйнап. Чийне минип.
Олтурбадык
Алакан жайып, телмирип.
Турчу дайым колубузду,
Оор түйшүк жемирип.
Ошондо да ынтымактуу, бүтүн элек,
Бир туугандык,
Сыймык баркын сездирип!

Кукулуктайт,

Алып кулак кужурун,
Апамдын көк индүгү.
Атам айтты,
Колтугуна,
Кыса тартып бир күнү:
- Ишен уулум!
Индүктөрдү чоңойтсоң,
Май төгүлүп жонунан,
Силкингенде жанып турса коломтоң,
Сатып,
Сага алып берем,
Велосипед – “күлүгүнү!”
Аны минип чыгасың,
Токтобой күнү-түнү.
Бул сөз оттой тамызды,
Бүлбүлдөп,
Өчүп бара жаткан чок үмүтүмү.

Көк иримдеп,
Иштей бердим – жондо жүк:
Ар кыл жумуш,
Арбын түйшүк,
Тирилик.
Кайсы жерге барсам да,
Жеткирет деп,

“Велосипед – чимирик!”
Жүрөгүм алып учат,
Айылдын балдарынан,
Бараткансып эң бийик, -
Өңүмдө кыян жүрүп,
Түшүмдө булутка башым тийип.

***

Ошол күздө,
Апам кызын “качырды!”
Жыйган отун,
Жашыл чөп,
Конок сыйда чачылды.
Койлор, индүк,
Көк бука,
Көз ирмемде сатылды.
Велосипед дагы жок,
Көп кыйнаган башымды.
Балалыгым дагы ыйлап,
Бак түбүнө жашынды.
Качан? Кантип сындырам,
Тагдыр катуу ташыңды?!

***

Убакыт токтобостон сызат желип.

Өлкөбүзгө эгемен күнү келип,
Элдин жыйган-тергени,
Жазгы кардай,
Барат ээрип.

Ошо саатта,
Мен тарапка,
Тагдыр көзүн буруптур.
Жүрсөм тилинип базарда,
Чоң дүкөндүн алдында,
Чынжыр менен кошоктолгон,
Ар түстө, порумда,
Велосипед туруптур.

Тыйын чукак катыгүн!
Ошентсе да,
Тандап, кармап,
Алдым бирин.
Айткандай атам о күн:
Таап “Зорун!”, “Күлүгүн!”
Балалыгым,
Көзүнөн жаш чуурутуп,
Кетсе дагы,
Айланып тоонун мүрүн...

Зоболо күтсөм дагы бийиктеген,
Атка конуп – “тиш врач!
Жигит!” – деген.
Кыялымда тоо аралайм. Жаш баламын –
Велосипедти ишиме – минип кетем,
үйүмө – минип келем!
Бүт жер шарын кыдырып,
Жүргүм келет,
Жүрөгүм бекем болсо күйүкпөгөн!

***

Айлануу – физиканын табышмагы.
Дөңгөлөк – машинанын тирүү жаны.
Андыктан велосипед –
Таякеси – кыймылдардын.
Окшошуп,
Чимирилген бачым жагы.
Кыял – дейди.
Бир күнү өчүрүп келгим келди,
“Велосипед минем!” деген,
Балалык тоодо жаккан жалындарды.

Жөнөдүм айылыма, велосипедте,
Көңүлүмдөн,
Көтөрүлүп көк түтүн.

Барчу жерим,
200 километр ашыгыраак, өйдөлүш,
Сууруп алар билек күчүн,
Бут тишин!
Тоо тарап.
Адырлар көп кыз көкүрөк.
Нар жагында кыркалекей,
Чалкайган,
Ак чокулар кылайгансыйт
Кыргыз үчүн!

Асман көк.
Ак кебез булут үзүм.
Кыштактан – кыштак охуп,
Бактар жашыл,
Терек – тизим.
Кылактайт аркыл эгин –
Дыйкан кенчи.
Өзгөн жери – жашыл бешик,
Орогон ою-түзүн.
Тилеп барам:
Теңирим берсин жайды,
Берсин – күзүн!
Мектептен,
Окуп чыккан балдар жайнайт,

Жашартып,
Жагалдантып айыл жүзүн.

***

Өр учкан көгүчкөндөй ойкуп-кайкып,
Ылдыйда шуңгуп өтөм,
Бийикке чыгам калкып.
Велосипед курчутуп намысымы,
Шамалга аралашам куттук айтып.
Артта калды,
Отуз-Адыр,
Куршаб кыштак,
Өзгөн шаар.
Мырзаке.
Өйдөдө өбөктөймүн,
Айылым колдон тартып.

Ата-Журтум – Кара кочкор.
Дыйканчыл. Мал чарбачыл.
Жамгыр тоскон.
Жетер маара – Кара-Кулжа,
Тоолордун арасына кадыр кошкон.

Дем үрөп,
Чымырканып,

Досторду таңдандырып токтобостон,
Жеттим да,
Чоң теректин көлөкөсүн кучактадым,
Суладым күп олдоксон –
Өзүмө-өзүм болуп жаным Корстон!
Катарымда велосипед жаркырайт –
Чарчабастан, онтобостон,
Кийибестен.
Балким атам ишенбейттир,
Келдим десем велосипедчен –
Дал Оштон.

**7 . Чебердикпи же эрдикпи.**

***Чебердикпи же эрдикпи***

(Тиш доктур Майрамбекке)

Тиш доктур жаткан эле,
Диванда, бутун сунуп,
Ойго тунуп.
Убакыт жылт – жылт жылат,
Акырын куурай сынып...
Эшикте караңгы жык,
Катуу жамгыр, жалбырак, чөп удургуп.

Беймаалда,

Такылдады каалга.
Кыңкай ачты эшигин үй ээси,
Жүлжүйө карап көзү,
Шөмтүрөгөн адамга.

Тааныш экен:
- үйгө кир!
Сен кайдан?
- Ыраактан,
Айылым Жапалактан.
Ишен дос,
Кыйналды жан,
Тиш оорудан – жаагымды какшаткан.
Машинеме олтуруп,
Сага чаптым ал жактан.
- Жүргүн тез,
Биерде жок эч нерсе.
Тиш алчу куралдарым
Тиги четте,
Кабинетте.
Машинеде айлампа,
Жөө бассак,
Жетебиз үч мүнөттө!

Караңгы түн. Жол баткак,

Экөө келет тайтактап,
Алдыда ишмер жигит,
Ага улай,
Берки барат бут калчап.

Жуп жетерде,
Тиш көрмө дайын жерге,
Электр жалп өчтү, көз ирмемде?
Караңгыга көмүлдү –
Жер, дарак, адам пенде.
Суу моюнга жымырылат,
Аралашып жамгыр терге.
Алдыңкысы абай сунуп сол колун,
Ооруну сүйрөп өргө,
Сүйлөдү:
- Каридор. Сол жак төрдө
Тиш бөлмө.
Жарык накта улуу күч,
Ансыз адам карайлайт, окшоп «көргө!»

Колдо жок күкүрт, фонарь,
Ишенип жарыгына электрдин.
Карбаластап шашып аяр,
Биерге келиптирмин!...
Деди ичинде аз кийин.

Анан... анан... сыйпалап, олтургучка,
Олтургузду немени кыңкыстаган.
Иш жайын жатка билген кыйды уста,
Колу менен шыпылдаган,
Тапты кыпчуурун тиш кысма.

- Ач оозуңду!
Тиги ачып...
Доктур тез манжаларын кыбыратып,
Музыкант ойногондой роялда.
Клавишаны шыдыратып...
Азга токтоп,
Катар тиштин бирине,
«Ушубу?» - деп унчукту ал тигиге.
Олтурган «мыңң!» - дегенсиди,
Алы жетпей тилине.
Чоң устанын иши таамай,
Элпек жана шамдагай.
Кыпчуурун тез алпарып,
Сууруп алды,
Дал ооруган тиштин түбүн аңтарып.
«Көзгө сайса көрүнбөгөн» түн эле.
Болбогондо кыл чебер,
Биз таңданган дарыгер,

Соо тиштин бири ыргып кетиши мүмкүн эле...

...Ошондон соң күлүшүп,
Хе!, Хе!, хе! – леп,
Баратышты караңгыда эки дос,
Бирин – бири жетелеп.
Куйса мейли эми жамгыр эки эселеп!

**8. Эстүрүм**

Кайыкты көл көтөргөндөй,
Барды даңктай Эл деген.
Кичинени, чоңду дагы,
Бөлүшкөн соң эл менен.

Калк врачка келет дайым,
Ден соолуктун айынан.
Дейт карыя "кагылайын,
Тишим алсыз абыдан!"

Жаш бөбөктөн улууга чең,
Тиет сыйкыр бармагың.
Журт алкышы абдан бийик,
Көкөлөтсүн ар дайым.